
# СОЛ КАНАТ
# КЫРГЫЗ





"Кыргы
жарыкка ч
(Абылдан

# СОЛ КАНАТ КЫРГЫЗ

Үчүнчү китеп

Топтоп, адабиятташтырып иштеп чыккан
*Эсенкул Төрөкан уулу*

БИШКЕК
"Көкө – Теңир"
1995

ББК 84 Кы 7

Сол канат кыргыз: 3 – китеп/Т... оптоп, адабиятташтырып, иштеп чыккан Эсенкул Төр... экан уулу; Сүрөтчүсү Ямгырчиев. – Б.: "Көкө – Теңир", 1995. ... – 176 б.

JSBN 5–1954–1030–6

Колуңуздардагы бул китепче "Кыргыз саңжырасы" китебинин үчүнчү бөлүгү. Тактап айтканда кыргыз уруусунун сол канат бутакчасы. Анда сол канат уруулары жөнүндө түрдүү аңыз – уламалар, түрдүү жомоктор өтө кызыктуу берилген. Китепче жалпы окурман журтчулугун кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз. Ага адилет пикир айтуу дагы калың окурман жумуруятынын эркинде.

ББК 84. (2)7

С.470200304

JSBN 5–1954–1030–6

© "Көкө – Теңир" чакан ишканасы.
1995 – ж.

2

# СӨЗ БАШЫ

"Кыргыздын кыскача санжырасы" деген темада жакында жарыкка чыккан I—II китепте кыргыздын "оң" канатынан (Абылдан—Акуулдан тарагандарды жазгамын. Ошол китепте "сол" канатка Чоң—Багыш, Каратал кирет, ал эми Караталдан—Саруу, Кушчу, Кытай, Басыз, Мундуз, Жетиген жана Төбөйлөр тарайт деп, жалпы жонунан айтып өткөмүн. Бул китеп кыргыздын "сол" канатына арналып жазылды.

Китепти жазуудан мурун, мен кыргыздын "сол" канаты жөнүндө аксакалдардан уккандарымды иреттоо жана аны толуктоо максатында, кийинки он—беш жылдын ичинде жүзгө жакын аксакалдарга, санжырачыларга жолугуп, алардын айткандарын, өз билишимче терең изилдөөгө туура келди. Ошондон кийин китеп жаралды. Аларга: Аланов Абдрахман (Жалал—Абад), Кенжекулов Кадыр, Мадияров Ормонбек (Токтогулдан), Масырканов Аманбек (Токмок), Сатыбалдиев Камыт (Өзгөн), Найманбаев Мукаш (Нарын), Ырыскелдиев С. Баратаев Шейшен (Талас), Султаналиев Сабралы (Кемин), Усубалиев Кенеш (Ысык—Көл), Жекшенбаев Капаш (Ысык—Ата), Анащев К. (Базар—Коргон), Сагыналиев Бакай, Алыбаев Ызак, Качкынбаев Каниет (Чүй) жана башка ушулар сыяктуу аздыр—көптүр санжыра билген аксакалдар кирет. Ошону менен бирге санжырага кызыккан, анын тарыхый окуяларын жакшы билген адамдардын азыноолак эмгектери (Сыргак Сооронкулов, Осмоналы Сыдыков жана башкалардын) кыргыздын "сол" канаты жөнүндө жазгандары менин билгендериме толуктоо болду. Муну менен мен кыргыздын "сол" канатынан тарагандарды толук жана так жаздым дегенден алысмын. Кемчиликтер болушу мүмкүн. Мүмкүнчүлүгүмдүн болбогондугунан айрым уруулардан тараган уруктар толук жазылбай да калды. Кээ бир кишилердин ысымдары туура—так айтылбай калышы да ыктымал. Мындай кемчиликтер болсо окурмандардан [illegible]мын жана санжырага кызыккан кийинки муундар толуктап жазышаар деген үмүттөмүн.

***Төрөкан уулу Эсенкул***

## "СОЛ" КАНАТ – КАБЫЛДАН (КУУ УУЛ) ТАРАГАНДАР

Кыргыздын "сол" канатын жазуунун алдында, Долонбийдин эгиз уулдары жөнүндө чечмелей кетүү жөндүү. Бул эгиз балдар жөнүндө эл ичинде көп эле ой – болжолдор айтылат. Ошонун үч – төртөөнө токтолойун. Долонбийдин эки аялы болуп, алар узакка төрөбөй жүрүп, күндөрдүн биринде бир улгайган аялы эгиз эркек төрөйт. Аксакалдардын күн мурунтан берген батасына ылайык, оң бөйрөктөн түшкөн балага "оң", сол бөйрөктөн түшкөн балага "сол" деп ат койгон имиш. Бул бир вариант. Дагы бир сөз. Эгиз бала төрөлгөндө, ата – бабанын салты боюнча, азан айтылып, биринчи көз жарган балага Абыл, экинчи көз жарган балага Калыл деп ат коюлгандыгы айтылат. Бул экинчи вариант. Үчүнчү вариантта Долонбийдин улгайган эки аялы узакка чейин төрөбөгөндөн кийин, бул дүйнөдөн перзентсиз өтөбүзбү деп, Долонбий 16 жаштагы кызды аялдыкка алган болот. Бул кичүү аялы, кудайдан болуп, кош кабат болот да, айы күнүнө жеткенде көз жарып эгиз эркек бала төрөйт. Долонбий бир баласына Ак уул, экинчисине Куу уул деген ат койгон дешет.

Деги кимиси болсо да, анысы [illegible] Долонбийдин уулдары экендиги нече [illegible] кылымдар [illegible] айтылып келе жатат. Төрөлгөн балдардын негизги аты, азан чакырып койгон, Абыл менен Кабыл болууга тийиш.

Эмки сөздү Долонбийдин Кабыл уулунан (*Куу уул*) тарагандар жөнүндө козгойлук. Санжырада Кабыл үйлөнүп – жайлангандан кийин Көбөш деген бир балалуу болгондугу айтылат. Көбөш да чонойуп, үйлөнгөндөн кийин, келинчеги

төрөп, жети балалуу болот. Алар: – Босого, Жайыл, Кандабас, Асыгалы, Кулунчак, Карача, Сапарбай дегендер. Бул жети бир тууганды н ичинен Кандабас менен Карачадан тукум айтылбайт Калгандарынан тукум бар, учуру келгенде алардан тарагандарды төмөн жакта жазамын.

Көбөштүн Босого уулунан Мундуз уруулары, Асыгалы уулунан Чоң Багыш урууларь, Кулунчак уулунан Басыз уруулары, Жайыл уулунан эки бала Каратал жана Каранай деген. Мунун Караталынан Токтоболгу деген бала. Ал эми ушул Токтоболгудан Кушчу уруулары тарайт. Жайылдын Каранайынан болсо Саруу менен Кытай уруулары таралат. Балага Кытай деп ат коюлуп калышы санжырада мындай деп айтылат: Каранай учурунда мыкты жортуулчу баатыр экен. Күндөрдүн биринде жортуулда жүрүп, Кытай тара – птан калың жылкы айдап айылына келет. Ошол түнү Каранайдын аялы көз жарып, эркек бала төрөйт. Мына ушуга байланыштуу баланын атын Кытай деп коюшкан экен. Демек, бул бала Саруунун иниси – Кытай, Экөө тең Жайылдын Каранай уулунун балдары.

Жыйынтыктап айтканда кыргыздын "сол" канатына, тагыраак айтканда Долонбийдин Кабыл (Куу) уулунан тарагандарга, Кушчу (кутчу) Саруу, Кытай, Мундуз, Басыз, Жетиген жана Төбөй урууларынан тарагандар кирет. Булардан тарагандар төмөн жакта ар бири өз алдынча тема болуп жазылат.

## КУТЧУ (*кушчу*) УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Жогоруда Көбөштүн Жайыл уулунан Каранай жана Каратал деген эки бала болгондугун, Каранайдан Саруу, Караталдан Токтоболгу, ал эми Токтоболгудан кутчу (кушчу) экендиги жазылган. Тарыхта айтылгандай 11 – 12 – кы – лымдарда кыргыздар Энесайда (*ээнсайда*) жашаган мезгилде [illegible] Кара Кытайдын, андан кийин Чыңгызхандын [illegible] улунда калып, көп кыргындарга дуушар болгон, быт – чыты чыгып, туш – тушка чилдей тараган мезгилдер да болгон. Ошол мезгилдерде эле кыргыздарда Кутчу деген уруунун бар экендиги айтылат. Ошондуктан Кутчу (*кушчу*) уруусу байыркы уруулардын бири деп айтууга да болот. Арадан көп жылдар өткөндүгүнө байланыштуу Кутчу уруусу деген сөз Кушчу деп айтылып кеткен, негизинен Кутч

уруусу деп айтылат, же болбосо Кушчу дегенди Кутчу деп билишибиз керек.

Илгери Кушчулар (*кутчулар*) өздөрү күчтүү уруулардын бири болуп Кытайдын Кызыл – Ой, Тегирменти, Какшаал деген жерлерин ээлеп жашап турушкан экен. Ошол мезгилде Кутчу (*кушчу*) элин башкарган Хан Кубатбек, Алдаярбек, Мурзакелди, Эсенбек, Шаабото деген акылман бабалары болуптур. Ушул кишилердин ысымы менен аталып калган жердин, жайлоо – кыштоонун, ашуу белдердин аттары ушул күнгө чейин Кытай жергесинде айтылат, ал тургай Хан Кубатбектин күмбөзү (*мунарасы*) азыр да бар. Үч – Турпанды, Какшаалды Кутчулар жердеп турганда, бул элди башкарган Абайылда жана Берик баатыр деген эки мыктысы болгон. Булардын борбору Кара – Чий болуп узак убакыт турушуп Токтокүчүк деген дагы Кутчунун мыктылары менен бирге турушуп, булар Калмактардын жылкыларын чаап, кийин ушундан улам Калмак – Кыргыздын ортосунда чоң чыр болуп, ушул себептен Абайылда менен Бериктин эли "эми Какашаал бизге жер болобой калды" деп элин көчүрүп Анжыян жакка келип, кийин жарымы Таласка барып токтогон экен. Ушул жакта жашаган азыркы Кутчулар (*кушчулар*) Абайылда менен Бериктен тараган тукумдар деп айтсак болот. Ал эми бул экөөнүн тууганы Чоро менен Токтокүчүк элин көчүрүп, Тешик – Чапты ашып Ысык – Көлгө келген экен. Азыркы Ысык – Көл аймагындагы Кутчулар (*кушчулар*) ошолордун уругу дешет санжырада.

Кушчунун (*кутчу*) атасы Токтоболгу анчалык деле атактуу эмес, өз тиричилиги менен турмушун өткөзгөн адам экен. Жалгыз баласы Кушчу (*кутчу*) тири карак болуп чоңойуп үйлөнөт.

Ал балалуу – чакалуу болот. Кийинки айтылып келе жаткан санжыра боюнча Кушчудан (*кутчудан*) Бекмурат, Токтук, Мамбет, Талаймамат, Сабатар, Сулпаян, Кайназар, Бүргө, Кангелди жана Нусуп деген балдары болгон. Булардан тарагандардын көпчүлүгү Талас өрөөнүндө, калгандары Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда, ай[illegible]рында жашашат. Ал тургай Кушчулар Өзбекстандын [illegible]ргана өрөөнүндө, Тажикстандын айрым жерлеринде, Казакстандын, Кытайдын Џинзьян Өкмөтүнүн аймагында да бар.

Арадан көп жылдар, кылымдар өткөндүгүнө байланыштуу, түпкү бабасы, атасы ким экенин билбей калган Кушчу уруктары көп кездешет. Алардын басымдуу көпчүлүгү, өз айт[illegible]нжырасын кийинки гана ата – бабаларынан баштап айтып

жүрүшөт. Ошондуктан мен бул китепти жазганда айыл – айылда турган кушчуларды, ошолордун өздөрү билген ата уруктарынын ысымы менен жазууга мажбур болдум.

Кушчунун Нусуп уулунан Кыбыл (*кабыл*), Кыргый жана Молдоийрек деп айтылат. Кыбылдын беш уулу болгон, алар: Кудайберди, Тагаймат, Байсейит, Минсейит жана Төлөкабыл. Кудайбердиден – Кудаймендe, Ормош, Жаланнайза деген үч бир туутан. Кудаймендиден – Насип, (*кезексары*), Жаныбай, Бейше, Бейшеден – Чокой, Итемген, Төлөбай, Тагайматтан – Насыкул, Бекболот, Торгой, Нусуптун Кыргый уулунан – Сарымоюн, Карамоюн. Молдоийрегинен – Дербиш жалгыз. Дербиштен болсо эки бала: Жаныбек, Жал деген. Жаныбектен – Момокон, Байжаныш жана Абышка, Кубат деген төрт бир туутан.

Санжырада негизги Кушчулар деп, Жоош, Мамбет, Сабатар, Кайназар Токтук, Бекмурат, Кенже, Итим, Бүргө, Орок, Мендуулат (миндөөлөт) Сыртыкара, Оночор, Сакалды, Кошкулак жана Шапактардан тарагандарды айтат.

Жалал – Абад обласындагы Ленин районунда Карды – нагдай, Бирке, Кошкулак, Сакалды, Кагазды, Онок, Сыртыкара деген ата уруктан тараган кушчулар бар. Таластын Манас колхозунун Карасуу айылында, Ысык – Ата районунун Карагай – Булак айылында Чейне, Саргалдак деген ата уруктан, Токтогул районундагы Бөкөнбаев атындагы совхоздо Каратал, Сакалдуу жана Көк – Тал деген ата уруктан тараган, Ысык – Көлдүн Бозтери айылында Кара – Кучкач деген ата уруктан, Чүй районундагы Кайырма айылында Шапак, Чилжубут деген ата уруктан, Панфилов районундагы Орто – Арык айылында – Чейне, Сабатар, Сурко, Саргалды деген ата уруктан, ушул эле райондун Кум – Арык айылында – Мырзалы деген ата уруктан тараган кушчулар жашашат. Ушулар сыяктуу эле өз ата уруктарынан тараган кушчулар Таластын Манас, Чкалов, Коммунизм, Каракол, №13 Жылкы заводунда жашашат. Өзбекстандын Анжиян обласынын Коргон – Төбө районунда да кушчулар бар. Жалал – Абад шаарынын айланасында "төш кушчу", "Сай кушчу", "Күнгөй кушчу" айылдарында онок, сырты кара, мендуулай, карды, жолболду, оночор деген ата уруктан тараган кушчулар жашайт. Булардын ата – бабаларынын башынан өткөн тарыхы өтө терең. Ошого бир аз токтолуп өлү.

*Илгери кыргыздын көпчүлүгү (Энесайдан келгенден кийин)* Тянь – Шань тоолорунда, Алайда жана Фергана өрөөнүндө жашашканы тарыхта белгилүү. Ошол мезгилде Кыргыз менен Калмактын ортосунда, кыргыз менен кытайдын ортосунда бир нече кармашуулар болгон. Кыргыздар өз жеринен душмандарын талкалап кууп чыккан, жениште ээ болгон мезгил болгон, айрым учурларда душмандарга женилип калган учурлар да болгон. Мындай салгылашууда Кыргыз элинин бирдиги үчүн, ар – намысы үчүн Тынай элинен Атаке баатыр, Саруу уруусунан Бердике баатыр, Кушчу уруусунан акылман Эр Солтоной жана Кенженин уулу Итим баатыр, анын уулу – Бүргө баатырлар эл башында болушкан. Кушчунун Эр Солтонойу акылман кеменгер киши экен. Фергана өрөөнүнөн калмак душмандарды кууп чыгууда чоң роль ойногон. Сарбагыш эли менен бирге ошол жактагы бүт кушчу, сарууларды душманга каршы көтөрүүнүн башында болгон.

Эр Солтоной согушта душманга каршы күрөшүүнүн тактикасын, ыкмасын жакшы билген адам болгон экен. Атаке менен Бердике баатырлар Анжыян жакта жүргөндө Эр Солтонойдун колунда машыгууда өтүшкөн экен. Атаке баатыр дайыма найза сайып, шалк этме шилтөөнү, Бердике баатыр болсо, жоого киргенде жайдак ат минип Кылыч чаап, ай балта менен урганды жакшы билишкен. Ушул ыкмаларды эки баатыр Эр Солтонойдон үйрөнүшкөн.

Кийинки мезгилдерде Кушчудан Чыныкебий деген мыкты чыккан. Бул киши акылман, элинин бирдигин, ынтымагын сактаган адам экен, Кыргыздын гана биримдигин, ынтымагын сактабастан, Казак менен Кыргыздын ортосундагы достукту, бир туугандыкты, тынчтыкты көздөгөн киши болгон. Казактын мыктысы Супатай баатыр менен нечен жолу жолугуп сүйлөшүп, эки элдин достугун, ынтымактуу жашашын көздөгөн. Чыныкебий орустар менен да ынтымактуу жашоону каалаган адам болгон. Ошол максатта Чыныкебий Ташкенге барып, өз элинин өкүлү болуп да кызмат өтөгөн. Ал көзүнүн тирүү кезинде элдин ынтымагын каалап, мен өлгөндө кушчу менен саруу ынтымактуу болуп жашасын үчүн, сөөгүмдү эки элдин ортосу Таластын көкүрөк жагынан Калба суусунун жээгине көмгүлө деп айткан экен.

Эл ичинде айтылган санжырада, Жалал – Абад айланасындагы жогоруда айтылган үч айыл (*Төш кушчу, Сай кушчу, Күнгөй кушчу*) кушчунун чоң аталары илгери эли менен сүрүлүп Кытайдын Какшаал деген жерине барып

туруп калган болот. Ошолор мындан (*болжолу*) 200—жыл илгери Какшаалдан үчкө бөлүнүп көчүп чыккан экен. Ошондо бир бөлүгү Какшаал тарапта калат да, бир бөлүгү Таласка ооп, бир бөлүгү Фаргана өрөөнүнө ооп келишет. Жалал—Абад айланасындагы кушчулар мына ушул бөлүктөн. Булардын ата—бабаларынын айтуусуна караганда, кушчулар кытайдан ооп келгенде Жалал—Абаддын аймагы азыркыдай эмес, камыш басып жаткан токой, адырлары жапайы алма, долоно, алча бадалдуу калың токой болгон экен. Жалал—Абаддын айланасына келген кушчулардын ата—бабалары, анын күн батышындагы кызыл чаптуу мистеси калың тоону этектеп орун алышат. Бул жер малга өтө ылайыктуу болуп, камыш токойуна малдарын кышында жайып айдап жиберип, көчүп—конуп жашай беришкен. Ал мезгилде Жалал—Абадда бирин—серин гана дубал тамдар болгон экен. Бара—бара жерди камыштан тазалап, эл көбөйүп калыңдаша баштайт да, малга жайсыз боло баштайт. Кышкысын кыштап, жайкысын жайлоолоп улам өрдөп олтуруп "Гүрөбы" деген жайлоого чейин жетишет.

Ошол мезгилде орустар келип, кышкысын, жайкысын жайлап турган элдин жерлерин тартып ала баштап, чогуу жашаган кыргыз уруулары кысымга чыдабай, бөлүнүп жер которуштурууга туура келет. Жалал—Абаддын айлана—сындагы кушчуларды "Ой талаа" деген жерге сүрүп таштайт. Бул жер кең болгону менен суусу жок талаа болгондуктан жашоо кыйын болот. Ошондо эл ичиндеги аксакал акылмандар, ошол мезгилдеги акимдерге пара катары мал—мүлк берип жатып, азыркы "Төш кушчу", "Сай кушчу", "Күнгөй кушчу" деген жердин айланасына отуруктаптап калышат. Ошондон кийин бул жердеги кушчу эли "Гүрөбы" деген жайлоого чыкпастан, Көкарт жайлоолорун жайлай башташкан. Бул үч айылда жашаган кушчулар он ата уруктан тарагандар. Алар: Онок, Оночор, Карды, Сырты—кара, Карачал, Меңдуулат (мин дөөлөт), Нагдай, Жолболду, Кагазды жана Сакалды дегендер.

Чүй районунун Кайырма деген айлында кушчулар жашайт. Илгери—илгери булардын чоң аталары Таластагы туугандарынан запкы жеп качып чыгат да, жүрүп олтуруп Чүйдүн Шамшы деген жеринде турган Атаке баатырдын элине келип токтоп калышат. Бул жерде Шапак, Таштанбек, Түнкатар жана Чилжубут кушчу—Тынай ата уруктан тараган кушчулар жашайт. Булардын чоң аталары илгери Талапстан ооп келип Солтонун Бошкой эли менен аралаш ушул жерде

туруп калышкан. Бул айылдарда Чейне, Сурпо, Чылпак кушчу, Сакалды деген ата уруктан тараган кушчулар турушат. Булардын түбү бир тууган.

Токтогул районунун Бөкөнбаев атындагы Совхоздун Карасуу, Балачычкан, Торкент деген айылдарында да кушчу уруулары жашайт. Булар кушчунун Сабатар, Төбөй ата уруктан тарагандар. Бул кушчулар илгери Анжыяндын айланасында жашачу экен. Кудаяр хандын катуу бийлигине чыдабаган кыргыздар биригип, ага каршы күрөш уюштуруп, аны кууйт. Бирок, Кудаяр хан кийин көп кол менен чыгып кыргыздарды талкалай баштайт. Ошондо бул кушчулар Көгартты ашып Токтогулга келген. Ал мезгилде Кетмен–Төбөдө Ажыбек датка деген мыктысы болгон экен. Ошону менен аралаш жашап турганда, Кудаяр хан "сен качкындарды калкалап жүрөсүн" деп Ажыбек датканы күнөөлөп, аны баласы менен зынданга салып коет. Муну көргөн кушчулар коркушуп, эртең бизди да камайт дешип, Кетмен–Төбөдөн Суусамырга келип андан Кең–Кол, Кара–Колго келип (*Таластын башына*) туруп калышат. Кийин Сабатардын Айнабай, Кудайберген, Жангазы деген балдары Таласта калып, Арык уулу кайра Токтогулга *(Кетмен–Төбөгө)* келип туруп калат. Ошентип Караталдан кушчу, кушчудан (*Токтогулдагылар*) Сабатар, Төбөй. Сабатар кушчудан–Айнабай, Кудайберген, Жангазы үчөөнөн тараган кушчулар Таласта, Аректен тараган кушчулар Кетмен–Төбөдө (*Токтогулда*) жашайт.

Караталдын Төбөй уулунан тарагандар да бир топ эл, алар Токтогулдун Балачычкан, Торкент деген жеринде жашайт. Кушчулар Чоң–Арык деген айылда да бар.

Кушчулар Таласта көп. Талас районундагы Манас атындагы колхоздун Карасуу айылында Чейненин Саргалдак, Каракементай, Келекебаш, Эсенгелди Чийлиболот деген балдарынан тараган кушчулар жашайт. Саргалдактын тукумунан илгери жер которуп келген Кант районунун Карагайбулак айылында жашап тургандар бар. Саргалдактан Нурубай, Нурубайдан Конурбай.

## КОНУРБАЙДАН ТАРАГАНДАР

Конурбайдан тараган тукум көп. Конурбайдын сегиз уулу болгон. Алар: Кудайберген, Байболот, Түлөберген, Короочу, Байгазак, Термечик, Бейбит, Тогузбай дегендер.

Конурбайдын Кудайберген уулунан – Кутуке, Аксакал, Байгозу, Ангы деген төрт бир тууган.


Конурбайдын Түлөберген уулунан – Мамбеталы жана Мамбетсалы. Мамбеталыдан – Бүкө, Өмүр. Мамбетсалыдан – Амангелди, Барат. Атасы Түлөберген өлгөндө эки уулу жаш жетим калат. Оокаттын айынан Мамбетсалы, иниси Мамбетаалыны соодагер кербендерге малайлыкка берет. Ал үч жыл малайлыкта жүрүп 200дөй кунан кой айдап келет. Ошондон мин карабоз кой күтүшүп, кийин агасы Мамбеталы ажыга барып, ажы болуп келген.

Конурбайдын Байгазак уулунан – үч бала, алар: Чыныбек, Сокур жана Көтө дегендер.

Кушчулар Ысык – Көлдүн айланасында, Нарын областынын айрым айылдарында бар. Ысык – Көлдөгү Бостери айлында жашаган элдин негизги көпчүлүгү кушчу уруусунан турат. Бул жерде кушчунун Каракучкач уругунан тарагандар жашайт. Каракучкачтын Кожоберди, Алапай, Кожоке, Базарбай деген уулдарынын тукуму ушул Бостери айлында турат. Булардан тарагандар төмөн жакта сүрөө (схема) түрүндө көрсөтүлдү. Ошону карасаңыздар толук маалымат аласыздар.

Кушчу уруусу өз ичинде Ак үйлүү кушчу, ой сурак кушчу, чылпак кушчу, чылжубут кушчу деп бөлүнөт. Ак үйлүү кушчулардын тукумдары негизинен Талас өрөөнүндө, ой сурак кушчулар Түштүктө, чылпак кушчулар Таласта, жана Чүйдүн Панфилов районунда, чилжубут кушчулар Таласта, Чүйдүн Кайырма айлында жашашат.

## КУШЧУДАН (КУТЧУ) ТАРАГАНДАР



## КУТЧУНУН (КУШЧУНУН) УЛАНДЫСЫ.

Кабыл (куу уул)

↓

Көбөт

↓

Жайыл

↓

Каратал

↓

Токтоболгу

↓

Кушчу

↓

Мамбет
Бекмурат
Сулпаян
Сабатар
Токтук
Бүргө
Талаймамат
Кангелди
Кайназар

↓

Майтик
Түлөберди
Таба
Токтокучук
Кенже

↓

Итим баатыр

↓


Бүргө баатыр

## ЖАЛАЛ – АБАД АЙМАГЫНДАГЫ "ТӨШ – КУШЧУ", "САЙ – КУШЧУ", "КҮНГӨЙ – КУШЧУ" АЙЛЫНДАГЫ КУШЧУ УРУУСУНУН ТАРАШЫ.


**Бул үч айылда төмөндөгүдөй ата уруктары жашайт:**




**Оноктон тарагандар:**




## ОНОК ШАРИПТИН БАКАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## ОНОКТУН МАДИЯР УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



## ОНОКТУН БОРОМБАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## ОНОКТУН ЧҮДӨҢ УУЛУНАН


## ОНОКТУН САРБАГЫШ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР





## ОНОКТУН МАМАДИЯР УУЛУҢАН ТАРАГАНДАР




## КУШЧУНУН СЫРТЫКАРА УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## КУТЧУНУН УЛАНДЫСЫ




## КУШЧУНУН ТАРАЛЫШЫ (КУУ УУЛ–КАБЫЛДАН)



## КУШЧУНУН МЕҢДУУЛАТ (МИНДӨӨЛӨТ) УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## КАНКУБАТБЕКТИН УРУКТАРЫНАН ТАРАГАНДАР




## КУШЧУ КАРДЫДАН ТАРАГАНДЫН УЛАНДЫСЫ (САТЫЛГАНДЫН СУЛАЙМАНАЖЫ УУЛУНАН)




## КУШЧУНУН ЖОЛБОЛДУСУНАН ТАРАГАНДАР





Кулчу
Саргалдак
Нурлубай
Конурбай
Короочу
Түлөберген
Байболот
Кудайберген
Байгазак
Термечик
Бейбит
Тогузбай
Мамбеталы
Мамбетсалы
Барат
(Аманкелди)
Кутуке
Аксакал
Банкозу
Анты
Рысбай
Токтогул
Токтоназар
Шейшен
Мурзабек
Шабатар
Көчөрбай
Шабдан
Мелисбек
Улан
Сүйүндук
Аталы
Кенжебай
Бейшеналы
Жекшеналы
Бечел
Темиралы
Эрбол
Бузурманкул
Кубатбек
Шумкар
Тынар
Жуман
Жумагул
Салыбакас
Бийкасы
Токтонасыр
Ыбрайым
Манды
Байгара
Жаанбай
Муса
Муктар
Эшенкул
Медетбек
Нурбек
Букө
Өмүр
Түлөберди
Асанбек
Сарымсак
Конушбай
Аманкул
Беке
Нурмамбет
Нуралы
Эгемберди
Рыскулбек
Балабар
Доске


## ТОКТОГУЛ РАЙОНУ БӨКӨНБАЕВ СОВХОЗ, КАРАСУУ АЙЛЫ




## ПАНФИЛОВ РАЙОН ОРТО–АРЫК, КУМАРЫК АЙЛЫНДА КУТЧУЛАР




## ПАНФИЛОВ РАЙОНУ КУМАРЫК АЙЛЫНДАГЫ КУШЧУЛАР




## ЧҮЙ РАЙОНУНДАГЫ КАЙРЫМА АЙЫЛЫНДАГЫ КУШЧУЛАР





Кушчу
Каракучкак
Алапай
Кожоке
Базарбай
Кожоберди
Болот
Кочкорбай
Козубай
Ормотой
Төлөмүш
Аалыбай
Мурадил
Жумадил
Дуулаттан
Майрамбек
Базылжан
Кума
Тойгонбай
Асеин
Ыйманалы
Табылды
Жээнбай
Шааданбет
Мааданбет
Байгелди
Султанмурат
Алмурат
Сопу
Шекей
Теңизбай
Дөгдурбай
Чолук
Малик
Алик
Толик
Жолочу
Байкабыл
Байказак
Рыскул
Ысмайыл
Картайган
Кубат
Шаймерген
Карагул
Ыскак
Ысабек
Жумабек
Бейшенбек

# КАРАКУЧКАКТЫН УЛАНДЫСЫ



## КУШЧУ КАРАКУЧКАЧТЫН УЛАНДЫСЫ



# САРУУ ТУКУМУНУН ТАРАЛЫШЫ КӨБӨШТҮН ЖАЙЫЛ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Көбөштүн Жайыл уулунан Каратал жана Каранай деген эки баласы болгон. Жайыл, балдары чоңоюп жигит болгондо үйлөнтөт. Каранай уулу эркек балалуу болот, баланын атын Саруу деп коюшат. Саруу да үйлөнүп, жайлангандан кийин, ал дагы бир эркек балалуу болот—Жамаке деген. Саруу, Жамаке уулун үйлөнтүп—жайланткандан кийин, ал дагы бир эркек балалуу болуп, атын Көнөк деп коюшат. Көнөк өз курактууларынын ичинен чыйрак, тың шамдагай жигит болот. Атасы, Көнөктү үйлөнтөт. Көнөк үч аял алат, алты балалуу болот.

*Биринчи аялынан:* Кырк уул,
Тубай,
Төнтөрт,
Тогунай

Экинчи аялы Казактын кадимки Шыгай ханынын кызына үйлөнөт, анадан бир эркек бала төрөлгөн аты—Эшим (кадимки Эр Эшим). Үчүнчү аялы Кытайдын ханынын кызын олжого түшүрүп келип, Көнөк баатыр өзүнө нике кыйдырган. Бул аялынан төрөлгөн баласынын оң жак кулагынын түбүнөн чыккан кош кулагы болгондуктан, баланын атын.

Кошкулак деп койгон. Кошкулактан тарагандар, Таласта Саруунун арасында, Күркүрөө уруусу деп аталып калган.

Көнөк баатырдын доорунда Кыргыз—Калмактардын ортосунда кагылышуу болуп, Калмактан келген калың жортуулчулар каптап кирип, Көнөк баатырдын айылын чаап, өзүн өлтүрүп, жер жайнаган жылкысын айдап кеткен. Ошол окуя жөнүндө эл ичинде мындан муң—зар айтылып калган:

"Каруусу буура Көнөктү,
Калмак келип жайлады.
Каяша берген пенденин,
Колу, бутун байлады.
Кара таандан жылкыдан,
Калтырбастан айдады".

Көнөк баатырдын өлүмүнө өч алуу үчүн Кыргыздын Калмакка каршы чабуулу жөнүндө төмөн жакта сөз болот.

# ЭР ЭШИМ ЖАНА ХАН ТУРСУН БАЯНЫ

Көнөктүн уулу Эшим баатыр, эр жеткенде Ташкендин эмири Турсунхан менен достошуп, атасы Көнөк баатырдын кунун кууп, Калмактан өч алууга камынып, Таластагы туугандарын чабуулга даярдайт. Бул жөнүндө журналист Сооронкулов адилетүү жазган:

Жоого минишке ылайыктуу ат издештирип жүргөн кезинде, Саяк Шакир молдонун уулу Түгөл, туугандарына наразы болуп, Таластагы кайын журтуна көчүп келет. Анткени Түгөлдүн Жараш деген аялы Таластык Саруунун кызы болгон. Эшимге эже боолуп катташып жүрүшкөн. Түгөл жылкысы тетири жайылган бай экен. Мунун жылкылары Калбанын сайына жапырт кирип суу ичкенде, суу соолуп жылкыдан ылдый акпай калчу экен. Эр Эшим жанына бир саяпкер сынчыны алып, Түгөлдүн жылкысынан минишке ат тандап келишке барат. Жылкынын четине барганда жылкы айдаган бир бала колу–буту узун салбыраңкы, кашаң кула бышты минип жүргөнүн көрүшөт. Анда саяпкер–сынчы кула бышты карап туруп:

"Куутандан кутула турган, качканды кармай турган кайыптан бүткөн тулпар экен, ушул кула бышты:ын башын ажырат" деп, Эшимге карап айткан экен. Сынчынын бул сөзүн уккандан кийин Эр Эшим түз бастырып Түгөл байдын үйүнө келип түшөт. Мейманчылап жөнөтөрдө Түгөл бай Эшимдин алдына бир жакшы ат тартса, "Жезде, бул ат өзүңүз минген ат экен, мага тээтиги шалпайган Кула бышты бериңиз"–дейт Эшим. "Тээтиги Шарпкуланыбы?"–деп Түгөл макул болот. Саяпкер Шарпкуланы эки асый болгуча үстүнө киши кондурбай таптап, сөөгүн катырып, жилигин толтуруп, өз мүдөөсүнө толгондо Эр Эшимдин колуна тапшырат да, эми казатка жүгүрчү мезгилине жеткендигин айтат.

Ошол мезгилде кадимки Тагайбийдин Карачорросунун тукуму, жалпы Багыш журтунун атасы, Көкүм баатыр Ташкенди басып кирип, Турсун ханды, анын баласы Шамей Султанды Ташкенден айдап чыгат. Турсун менен Шамей Султан Ташкенден качып, Таласка келип досу Эшимге корголойт. Эшим баатыр жүздөгөн жигиттерден кол курaштырып, Калмактан атасы Көнөк баатырдын өчүн алышка аттанат. Элин жыйнап, убактылуу досу хан Турсунга тапшырып, андан ант алып, жараткан кудай–таала деп

соолук берсе үч жылда келип калаарын айтат. (Бул тарых эсеби боюнча 1626—1627 жылдарга туура келет).

Эшим баатыр Шарпкуланы минип, жыйнаган жигиттерин ээрчитип Калмактын артынан кууп кеткенден кийин, Турсун хан элди жакырлантпайм деген антын бузуп, Эшимдин элин жакырлантып, талап—тоноп, итке мингизип, катуу эзип кул—күнгө айлантып таштайт. Кыскасы катуудан тулга, жумшактан күл калган. Эшимдин колу Калмактан өчүн ала албай, элинин бул абалын уккандан кийин, эки жигити менен аттары арып, өздөрү азып, Таластагы элине келсе, эли мөгдүрөп, жери куурулуп калганын көрөт. Бир алачыкка кирсе, арыктап сөөгү калган кемпир жалдырып жатканын көрөт. Эшимди көрүп ал кемпир карегин кадай жылмайып, көзүнө жаш айланып барып сүйлөй албай үзүлүп кетет. Көрсө бул кемпир Эшимдин энеси экен. Эшим эшикке чыгып эки жагын караса кабыргалары калжайып, ийреңдей араң баскан куу итти көрөт. Бул өзүнүн ууга агыткан тайганы экен. Экинчи алачыкка кирсе өлүп жаткан аялдын көкүрөгүн тырмалаган араң жан кызды көрөт. Ачуусу келип, заары кайнап наркы айылга аттанып баратса, калың короо койду козулары менен кайтарып, самтырган жылаң баш, жылаң аяк кыз кыңылдап кошок кошуп:

"Кабыргасы кайышып,
Суу көтөргөн биздин кыз.
Омурткасы бүктөлүп,
Отун алган биздин кыз.
Колу, буту сыйрылып,
Козу салган биздин кыз.
Күн—түнү уйку көрбөстөн,
Койду баккан биздин кыз.
Оозу башын каралап,
Отту жаккан биздин кыз.
Энгезер бойлуу эр Эшим,
Эсен барып, соо келсе,
Болуп калаар хан Турсун,
Биздин кыздай сиздин кыз.
Катагандын хан Турсун,
Хан Турсунду ант урсун"

— деп зар какшап ыйлап олтурганын көрөт да, "арбаңыз" деп учурашат. Көрсө бул кыз Эшим калмакка аттанаарда кайындап коюп үйлөнүшкө үлгүрө албай калган колуктусу экен. Өзү тааныйт да, сыр бербестен жөнөп кетет. Эшим эки жигити менен чапкылап Багыш, Кытай, Кыпчак элинен кол алып, Ташкенде Эмир болуп турган Көкүм баатыр менен чын дос болуп, андан да калың кол алып, өз жери Таласты

өзү чабуул коюп бошотот. Шамей Султан чабышта каза болот. Хан Турсунду Шарпкула менен кууп олтуруп Иле суусунун өйүзүнөн кармап, башын кесип, Көкүм баатырга жөнөтөт. Көкүм баатыр Эшимге чоң ыраачылыгын билдирип, жардамга жөнөткөн Багыштарын Эшимдин карамагына Таласка калтырат. Эшим баатыр мурун кайындаган кызын Хан Турсундан ажыратып алып, ага нике кыйдырат.

Турсун менен кошо катагандар качып чыкканда, анын баласы Шамей Султандын эрке токолу, Хан Турсундун бойго жеткен кызы, Шамей Султандын Олжочук деген 9 жашар баласы, мындан тышкары Көкайдар, Койбагар, Накай деген балдары колго түшүп, Тубайдын балдарынын колунда калган. Шамейдин колго түшкөн эрке токолун Эшим баатыр өзүнө нике кыйдырган. Эшимдин бул аялынан тукумдар Колпоч уруусу деп аталып, азыр Саруу ичинде жашайт. Шамейдин уулу Олжочукту Тубайдын кичи баласы Муратаалы бий багып алат. Турсун хандын колго түшкөн кызын, Эр Эшим, бир канча дүйнөсү менен Саяк жездеси Түгөлбай, эжеси Жарашка олжого берет. Түгөлбай олжо кызды Мангыт деген баласына нике кыйдырып, келин кылып алат. Ошол кыздан төрөлгөн Сүйөркул, Казыгул, Эсиркемиш, энеси катаган болгондуктан, булар саяк ичинде катаган уруусу, же катаган саяктар деп аталып калган.

Эшим баатыр душмандарын женип бүткөндөн кийин, таякелеринин чакыруусу боюнча казактарга барып, ал жерде уулу хан болуп туруп, өз ажалы менен 1645 жылы каза болгон.

## КӨНӨКТҮН ТУБАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Жогоруда Кабылдан (Куу уулдан) Көбөш, андан Жайыл, Жайылдан Каранай. Каранайдан Саруу, андан Жамаке, ал эми Жамакеден Көнөк баатыр, Көнөк баатырдын үч аялынан алты уулу болуп, анын бири Тубай деп жазылды. Азыркы сөздү ушул Тубайдан тарагандарды көздөй буралы. Тубайдын Тагайберди, Менди, Жаманак, Мураталы деген балдары болуптур. Тубайдын Тагайбердисинен Токтомуш жана Жамантай.

Тубайдын экинчи Мендибаатыр. Муну эл ичинде Кара Менди дешчү экен. Анткени ал киши албеттүү, кайратуу жана өңү кара киши экен. Ошондуктан ал Кара Менди деп

аталып калыптыр. Менди баатырдын жети уулу болоуптур.

*Алар:* Токтоболот (Оготур деп да айтат),
Токтоназар (Сакоо деп да айтат),
Кашкатаман,
Белекчал,
Кызылкулак,
Кызылкурт,
Балыкчы.

Мендинин уулу Токтоболот көзгө атар мерген экен. Ак баранын асынып, тоого чыгып алып, келген калмакты бирин койбой өлтүрө берчү экен. Ошондон улам Токтоболотту келин – кесектер "ок атар бала", же "ок атар аке" деп терген жүрүп, андан тараган тукумдар Саруу ичинде Оготур урууcу деп аталып калган. Калмактар кыргыз жерин узакка ээлеп турган убактарда Мендинин балдары тентип – тербип жүрүп, кийин Калмактар сүрүлгөндө чогулган эл, Мендинин жети баласынын атынан "жети уруу" деген атка конот. Бир баласы Кызылкурт уруусунун эки жүздөн ашык түтүнү Лейлектин Кулунду деген жерине барып туруп калып, азыр да ошол жерде жашайт деген кабар бар. Кыргыз элинин сыймыктуу уулу, Кыргыз Республикасынын адегенде Советминистирдин председатели, андан кийин Кыргызстан Компартиясынын борбордук комитетинин биринчи секретары болуп көп жылдар бою иштеген Ысхак Раззаков ошол айылдын кулуну болуп эсептелет.

## КӨНӨКТҮН ТӨНТӨРТ ЖАНА КЫРК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Көнөктүн уулу Төнтөрттүн Жанчакты деген уулу болгон. Мындан Табылды. Табылдыдан Кудайберди, Кудайбердиден Аккийиз, Калпа, Култай деген үч уул.

Көнөктүн Кыркуулунан Кулчуке жана Кулсейит. Кулсейиттен – Көлдөй, Бешкаман, Мачак деген үч бир тууган. Ал эми Келдейден – Көкүмбай, Кабай, Бешим жана Жабай деген төрт уул.

# ШАМЕЙ СУЛТАН ЖАНА АЛАКЧЫН КИМ?

Жогоруда Көкүмжан Ташкенди талкалап киргенде, хан Турсун баласы Шамей Султан экөө Таласка келип жан сактап калганы айтылды. Хан Турсундун бул тополонунда, колго түшкөн анын баласы Шамей Султан ала кулундун терисинен тон кийип, ала байтал минип жүргөн бала имиш. Ошондон улам Шамей Султан деген аты калып эле, Алакчын деп аталып калыптыр. Мындан тараган тукумдар Таластагы Саруулардын ичинде Алакчын уруулары деп аталып кеткен.

Мен жогоруда Көнөктүн уулу Толубайдын кичи баласы Мураталы бий Шамей Султанды (Алакчынды) бала кылып багып алгандыгын жазган. Ал жигит болгондо, Мураталы ага жакшы жерден Кудалашып, келинчек алып берүүнү ойлогон. Ошого карабастан, жаштык сүйүү кандай күчтүү, Алакчын бир ороочунун кызына ашык болуп калат Мураталы бий муну билип калып, кой, болбостур, бул сүйүп калса кудалашып алып берейин деген ойго келет. Күндөрдүн биринде баягы ороочунун кызы үйдөн нары басып (Барат) түзгө (*заара кылганы*) олтурат. Муну байкап калган кыраакы Мураталы бий балдарга айтат, "тетиги ороочунун кызы түзгө олтурган жерди карап келгилечи, кандай болуп калган экен" дейт. Балдар чуркап барып караса кыздын түзгө олтурган жери бир карыштай жерди онурайтып тешип кеткенин көрүшөт да, аны Мураталыга айтышат. Мураталы бий бул кабарды уккандан кийин, "бул тегин кыз эмес го, акыры жаман бүлө болбос, бала сүйүп калгандан кийин, ушул кызга үйлөнтөйүн" деп, Алакчынды (*Шамей Султанды*) ороочунун кызына үйлөнтөт. Үйлөнгөндөн кийин Алакчын Саруунун ичинде эл болуп жашап калат. Кийин анын аялы эркек бала төрөйт. Баланын атын Олжочук деп коюшат. Олжочукту Мураталы бийдин байбичеси Калдыке сулуу эмчегин эмгизип, өз баласы Беркемикке эмчектеш кылып багып алат. Олжочук чыйрак бала болуп, Тубайдын түмөн жылкысын кайтарып, татыктуу уул болот. Олжочук чоноюп жигит болгондо, атасы Алакчын аны үйлөнтөт. Аялы эркек төрөйт, баланын атын Ийрижолон деп коюшат. Бул дагы чоноюп жигит болуп үйлөнөт, аялы уул төрөйт баланын атын Кычымерген деп коюшат. Ал эми Кычымерген да жигит болуп үйлөнөт, эки уулду болот: — биринин аты Солтомүрөк, экинчиси — Жумабай. Кычымерген балдарын тарбиялап чонойтуп, үйлөнтөт. Солтомүрөктүн аялы эркек төрөйт, баланын атын Арзыгул деп коюшат. Кийин Арзыгул

алты уулду болот. Алар: Түйтө, Бабыр, Касмат, Калча, Качыке, Тагайкул дегендер.

Көнөктүн уулу Тубай жылкысы тетири жайылган Түмөн бай киши болуптур. Бул жылкыларды балдары, балдарынын балдары чогуу кайтарышчу экен. Олжочуктун уулу Ийрижолон чыйрак бала чыгып, атасына кошулуп жылкычыларга баш – көз болуп жүрөт. Күндөрдүн биринде казактардан калын кол келип, жылкыга тийет. Эки тараптын (кыргыз – казак) ортосунда катуу чабыш башталып, Олжочуктун буту сынып, ошого карабай сынган бутун үзөңгү менен басмайылга кыпчытып алып, каптаган казак жоону сүрүп, алты жигитти колго түшүрүп, жылкыны ажыратып калышат. Ошондон кийин Мураталы бий туугандары Тубайдан тарагандарды – Тагайберди. Менди, Жаманактын балдарын чогултуп алып, "жылкынарды менин балдарыма таштап коюп өзүнөр жүрө берет экенсинер, ар киминер өзүнөргө тийешелүү энчинерди алгыла" деп Тубайдын түмөн жылкысын бешке бөлүп берген экен. Олжочук, Мураталы бийдин бакма баласы болсо да, өз баласы болуп энчиге тийген жылкыдан алып, Саруунун ичинде Тубай тукумунун бири болуп калган.

Мураталы бий менен Олжочуктун ортосундагы бир окуяга окурмандардын көңүлүн буруу зарыл. Кадыке байбичесинин байкоосунда, дайыма эшиктен Олжочук баласы кирип келгенде, Мураталы бий олтурган ордунан тура калчу экен. Бир күнү байбичеси айтат:

"Ээ бий, башкалар салам айтып кирип келгенде бир тизеңди кичине кыймылдатып солгун эле алик алып коесуз. А бакма балаңыз кирип келгенде ордунуздан тура каласыз. Бул эмнениз" – десе, "э, андай боло элек, бекер айтпачы" деп мойнуна албайт.

Күндөрдүн биринде Олжочук үйгө кирээр маалда, чалын сынап үчүн, Калдыке байбиче Мураталы бийдин жанына олтура калып, байкатпай, чепкенинин этегин олтурган аюу талпакка көктөштүрө коюптур. Ангыча эшиктен Олжочук кирип келсе, Мураталы бий ордунан тура калса, баягы Мураталынын алдындагы аюу талпак көтөрүлүп кетиптир "Ай, эми болбостур" деп Мураталы бий байбичеси Калдыке сулуута, "Айтканын туура, баланын алдында дайыма эки чаар жолборс кирип келет. Мен ошондон чочуп кетип ордуман тура калам" дептир.

# АРЗЫКУЛ ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Жогоруда Солтомүрөктүн Арзыкул деген уулу болуп, ал үйлөнгөндөн кийин алты балалуу болгондугу жазылды. Азыр сөздү ошол Арзыкулду көздөй буралы. Арзыкул кичинесинен эле тын, чыйрак чыгыптыр. Ошондуктан аны көрө албай, айылдагы бийлер, аны күнөөлөп, жигиттери менен ак үйгө айдатып келет. Жолдо айдалып келе жатса, асманда катар тизилип учуп бараткан каз өрдөктөрдү көрөт да, Арзыкул "Ээ кудай, эч күнөөм жок эле, ак жеринен мени күнөөлөп хан айдатып баратат, мен ак болсом бирөөнөр алдыма учуп түшкүлө: деп баягы асманда учуп бараткан каз–өрдөккө карап ак бата кылганда, бир ак өрдөк Арзыкулдун алдына келип түшкөн экен. Ошондуктан бул кишини, өз элинде, "Алдына ак каз түшкөн Арзыкул бабабыз" деп айтышат.

Хан, Арзыкулду бир нече күн суракка алып, акыры бул кишиде эч күнөө жок экендигине көзү жетип, ага тан калып, "Сиздин күнөөнүз жок экен, бошотомун дейт да, – хан сарайда кызмат кылган келин – кыздардан тандаганыныздын бирөөнү аялдыкка алып кетиниз" деген экен. Арзыкул хан сарайдагы бир чендe жок сулуу кызга үйлөнүп, аны алып келген экен. Арзыкулдун бул ак сулуу аялынан тарагандар Таласта бар, буларды эл ичинде Ак апанын (Ак байбиченин) тукумдары же уруктары деп айтышат.

Жогоруда жазылгандай Арзыкулдун эң кенже баласы Тагайкул болгон. Арзыкул каза болгондо Тагайкул жаш экен, кичинесинен жетим калат да, агасы Касматтын колунда чоноет. Касматтын кою көп, бай экен. Кичүү аялы Мулжумбек апа казактын кызы экен, кайын – журту казактын жеринде жайлап – кыштап жүргөндө Касмат ооруп каза болуп калат. Касмат өзү тирүү кезинде иниси Тагайкулга "эл журтуң Таластагы кыргыздар, акыр өз элиңди тап" деп. Тагайкул агасы Касматтын койлорун багып койчуман болуп жүрө берет. Арадан күндөр – жылдар өтөт. Касматтын казак аялы (*Тагайкулдун жеңеси*) Мулжумбек, муну элине, агаайын тууганына кошоюн" деп ойлонгон болуу керек, бир жылы казактан көчүп, мал – мүлкү менен жылып олтуруп, Арзыкулдун Таласта турган балдары – Түйтө, Бабыр, Калчаларга келип кошулат Тагайкул койчуман болуп жүрө берет.

Казак, кыргызда ата – бабадан калган салт бар. Агасы өлсө, анын жесирине, иниси үйлөнүп алат, тетирисинче

иниси өлсө келинине акеси нике кыйдырат. Мына ушул салтты ойлонуп, өлгөн Касматтын казак жесирине нике кыйып алууну, анын бир туугандары – Түйтө, Бабыр, Калчалар ойлонуп жүргөн болот. Бирок булардын ойлогон ойлору ордунан чыкпай калат. Анткени, койчуман Тагайкул бир күнү кой короонун четинде турса, анын төбөсүнөн нур жаркырап, Шамчырактай күйүп турганын Касматтын жесири – Мулжумбек көрөт да, бул касиеттүү жигит экен го деп, Тагайкулга көңүлү түшүп, ашык болуп калат. Күндөрдүн биринде, эртең менен көпкө чейин койлор короодон чыкпай калганын Касматтын жогоруда айтылган туугандары байкашат. Көрсө, ошол түнү Тагайкул менен жеңеси Мулжумбектин жылдыздары кошулуп, жан жыргаганда катуу уктап калышкан экен. Чочуп кетип ойгонушса, таң атып күн чыгып калган болот. Мулжумбек чапаны менен далдалап Тагайкул койчуманды эшикке чыгарып, малына жиберген экен деп айтылат санжырада.

Ошентип Мулжумбек апа Тагайкулдан эки бала төрөгөн: бири – Бооруке, экинчиси – Сырдыбай. Бооруkeден кадимки айтылуу Ажыбек датка, Сатылган датка, жана Сыйнат датка (*кыз*) (Сыйнат датка кадимки Шералы хандын бир тууган таэжеси болгон) Ажыбек датка Саруу элинин мыкты акылман, кадырман аксакалы болгон. Анын уулу Нурак баатыр. Солтонун Байтик баатыры менен дос болгон. Санжырада, Байтиктин Байтик баатыр болушуна Нурак баатыр чоң себепкер болгон деп айтылат. Арзыкулдун Качыке уулунун Шааке деген кызы болуптур. Бул кызга Атаке баатырдын тукумунан Жантайдын уулу Шабдан баатыр үйлөнгөн. Ушул жөнүндө бир эки ооз сөз. Кыргызда ата – бабадан калган "бел куда" болуу деген салт бар. Атаке баатырдын атасы Тынай менен Бердике баатырдын атасы Сырдыбай экөө: "Эгер аялдарыбыз бирибиздики эркек, бирибиздики кыз төрөп калса, куда болушалы" деп күн мурунтан "бел куда" болушуптур. Кудайдан болуп, кийин Тынайдын байбичеси эркек төрөп, баланын атын Атаке коет. Сырдыбайдын байбичеси кыз төрөп, атын Алтын деп коет. Экөө чоңоюп бойго жеткенде, убада боюнча, куда болушуп, Тынайдын уулу Атаке Сырдыбайдын кызы Алтынга үйлөнөт. Алтын байбиче Атакеден Карабек, Таштанбек деген эки уул төрөгөн. Таштанбек чеңде жок мыкты баатыр болуптур. Өзүн багып чоңойткон, атасынын иниси Жообасар дегенди, төрт – беш Саруулуктар жолоочу кетип баратып, Шамшы өзөнүнүн ичинен, эч себепсиз байлап алып кетишет.

(*Таштанбек жокто*). Таштанбек атасын издеп жүрүп Таластан таап боштотуп, Саруулуктарды бир эмес үч жолу чапкан деген аңыз сөз бар санжырада. Бирок куда – сөөк болгондон кийин, жакшылык менен элдешип кетишкен. Кийин, сөөк жаңыртабыз дешип, Бердике баатырдын Жаныбек уулунун Аңар деген кызына Атакенин уулу Карабек үйлөнгөн. Карабектен, Тынай элинин кадимки ханы Жантай. Ал эми кан Жантайдан, кыргыз элинин атактуу ханы жана баатыры, – биз жогоруда сөз кылган, айтылуу Шабдан баатыр. Шааке байбиче Шабдан баатырдан Мокуш жана Кемел деген эки уул төрөгөн. Бул экөөнөн тараган Саруунун жээндери көп, алар Сары – Өзөн Чүйдүн Кемин аймактарында жашайт.

Тагайкулдун Сырдыбай уулунан үч бала болуптур. Бири Бердике баатыр (*же Бардике берен*), экинчиси – Бердибек, үчүнчүсү – Бердиш. Бердикенин баатырдыгы жөнүндө төмөн жакта толук токтолобуз.

## КАЛМАККА КАРШЫ КҮРӨШ

Тарыхчылардын болжолу боюнча 1683 – жылдары кыргыз жерин каратаандай каптап калмактар басып кирет. Эл тоо – тоону аша качып, качууга үлгүрбөгөндөрү калмактын колунда калат. Далай кыргыздын башын кесип, денесин казып койгон чуңкурга таштай беришкен. Ошол мезгилде Толубайдын уулу Меңди баатыр 70 жаштан ашкан курагы экен. Баш кесүү кезеги Кара Меңдиге келет. Балдарын атка мингизип, даярданып, "Мен барайын, канкор калмакка,

> Жакшылыктын жышааны болсо тебетейимди
> Булгалап чакырам, ошондо келгиле,
> Жамандыктын түрү байкалса, чоң чатырдын
> Бир өңүрүн булгаймын, ошондо силер туш
> тарапка качып жаныңарды куткаргыла" деген.

Кара Меңдинин калмакка каршы көргөзгөн баатырдыгы тууралу мындай санжыраны көрсө болот.

"Ак сакалы багжайган, албеттүү Меңди баатыр чоң ак чатырга кирээри менен, калмактын өкүмдары "бул дардайган чоң кара далай калмактын канын ичкен экен, алгыла башын" дейт. Койнуна шамшарын катып барган Меңди калмактын өкүмдарын шилтей бергенде желдеттери жеткирбей кармап калат. Эшикке чыга бергенде чоң чатырдын бир капталын жулкуп өткөн экен. Меңдинин башын алып денесин чуңкурга

таштайт. Калмактын өкүмдары эси чыгып калгандыктан түнү менен "Кара Мендини кармагыла" деп, жөөлүп кыйкырып жатып жан берген. Мендинин балдары түн жамынып келип калмактын күзөтчүсүн өлтүрүп, атасынын денесин, башын уурдап барышып, Каракоюн чаты деген жерге коюшат да, түш тарапка көчө качышып, жан сакташат".

Ошол мезгилде калмакка каршы ички жана тышкы душмандары чыгып, анын бийлиги начарлап бузула баштайт. Калмактын өз ичинен ордого каршы көтөрүлүш чыгып, хан Цеван–Доржуну кулатып, бийликти анын жээни Амурсан ээлейт. Ошол мезгилде кытайлар чек араны бузуп, кыргын баштайт. Анжыян тараптан кушчу уруусунан чыккан Кубатбек баатыр кожолор менен ынтымак түзүп, калмакка каршы чабуул баштайт. Калмакка каршы, Анжыян тарапта жүргөн Тынайдын мыктысы Атаке баатыр, калың саруу элин баштап чыккан Мураталы бийдин бакма баласы Олжочуктун Бердике баатыры, жер–суудан ажыраган саруу, кушчу жетигендерди чогултуп Эрсолтоной, Итим баатырлар чыгат. Сары–Өзөн Чүйдү энсеген калың солто журтун Жайыл баатыр менен Кошой баатыр уюштуруп, Жумгал саяктарын көтөрүп алакөздүн Эрсадыры чыгат. Чабуулдун эң асты болуп саруу уруусунан чыккан Сатыкей баатыр элин баштап жүрүп, Кетмен–Төбөнү калмактан бошоткон. Сатыкей, Кычымергендин уулу Жумабайдын баласы. Жумабай туугандарына таарынып, Кетмен–Төбөгө өтүп кеткен. Ошол Жумабайдан Сатыкей баатыр туулуп, ал өз таякелери Багыштарды, Саяктарды, кыпчактарды ынтымакка топтоштуруп калмактан Кетмен–Төбө өрөөнүн бошотуп алып, көзү өткөнчө ошол жерди ээлеп турган.

Жогоруда айтылган баардык кыргыз эли ынтымакта болушуп, Манас атанын арбагына сыйынып, кара тумандай каптаган калмакка каршы көтөрүлүшүп, душманды Талас өрөөнүнөн айдап чыгышат. Бул ийгилик кыргыз элинин биримдигинин, ынтымактуулугунун негизинде гана болгон.

Талас өрөөнүн баскынчылардан бошотуп бүткөндө, Сарбагыш уруусунун колу көп экен, ошондо Атаке баатыр чокуга чыгып, эр жеткен эки уулу–Карабек менен Таштанбекти карап туруп, "Таласын баш аягына көз жетпеген көлдөй тегиз, үч тарабында сай - сайдан суу агып түшкөн, адырларынын бетегеси белден буралган, сайма–сай тегиздерин карагай–чер баскан, тирүү пендеге жанаттай болгон жер экен. Сарбагышты көчүрүп ушул жерге туруп, жердеп калалы" деген экен. Атаке баатырдын бул оюн

уккан Бердике баатыр менен Итим баатыр: "Талас Кушчу: саруу, кытайдын ата – бабасы жердеген мекени болот. Ата мекенди кармата берген деген жаманатты бизге калаар, кеңири Чүй, кереметтүү Кара – Кочкордон ажыраткан деген токонаалат сизге калаар, куралган кошунду токтотпойлу. Саруу, Кушчу, Кытайда жарым түмөн кол бар, бүтүн бойдон жоо артынан салалы да, Сары – Өзөн Чүйдү, Эки Кемин, Ысык – Көлдү бошотконго чейин бел чечпейли" деген экен.

Атаке баатыр менен Бердике баатыр жер солкулдаткан калың кол менен Чүйдөн ары Чоң – Кеминди бошотуп, Ысык – Көлдү бир айдан ашык кан кечип жүрүп, калмактардан бошотушкан. Көл кылаасын душмандардан бошотууда, жергиликтүү эр – азаматтар элди уюштуруп, анын башында Темир баатыр болгон.

Бердике баатыр үч жылдай Көл жакасында болуп, ал жерден үйлөнүп, хан Бердике атанып жүргөн экен. Үч жыл өткөндөн кийин ордуна Тубай уругунан чыккан Сатыбалды Кашка деген туутанын калтырып, жанына 40 жигит алып, Таласты карай кайткан экен.

## БЕРДИКЕ БААТЫР ЖАНА АНЫН БЕШ БЕРЕНИ

Тагайкулдун Сырдыбай уулунун Бердике баатыр, Бердибек жана Бердиш деген үч баласы болгондугу жогоруда (айтылган). Булардан тараган тукумдар Таластын Беш – Таш деген жеринин Оозундагы – Козучак, 8 – март, Кеңеш, Куш – Арык, Пик, Щиверник деген айылдарда жашайт. Сырдыбайдын уулу Бердике ченде жок баатыр болуптур. Сөз кургак болбос үчүн мунун баатырдыгы жөнүндө эл ичинде санжырада айтылган айрым мисалдарды келтирейин. Бердике баатыр элин ар дайым душмандан коргоочу. Калмактар кыргызга келип күчөп турган мезгилде Бердикенин баатырдыгынан коркконунанбы, калмактын Маркашка деген баатыры Бердике баатыр менен дос болот. Бирок, күндөрдүн биринде Бердике баатыр жигитери менен калмактын көп жылкысын тийип кетет. муну билген калмактын баатыры Маркашка көп кол менен барып Бердикени колго түшүрүшүп алат да. "Эй досум, кылганың кандай, экөөбүз дос эмес белек" деп Бердикени сөзгө жыгат, анын күнөөсүн кечирип бошотуп "элине жөө барбай мобу

керкашка тайды минип жетип ал" деп жаман арык тайды берген. Калмактын кордоп турганын түшүнүп, Бердике баатырдын ачуусу келип:

"Аттан ажырап турганда,
Досум, мингизгенин керкашка.
Намысымды алуута,
Сайышам деп мен келдим,
Турбайсынбы Маркашка" дейт.

Бердике баатырдын каарданып айткан бул сөзүн уккан калмактын баатыры өзүнүн алсыздыгын билгизип:

"Сайышаарга каруум жок,
Алышуута алым жок,
Бердике, сен сайып кеттин жамбашка" деген экен.

Бердике баатырдын ачуусу келип, калмактын баатыры Маркашканын башын ыргыта чапкан имиш.

Бердикенин баатырдыгы жөнүндө санжырада дагы бир мисал айтылат. Калмактар менен болгон бир катуу эрегишүүдө жекеге чыгуу болуп калат. Бул жеке беттешүүдө Бердике калмактын ат көтөргүс балбаны Доргулу дегени менен беттешет. Доргулуну ат көтөрө албагандыктан оозунан ак көбүк агып жинденип турган ак буура минип чыгат. Көпкө кармашып, бирин – бири сайыша албаганда, аягында калын эл көтөрүлүп кыргыз – калмактын ортосунда катуу салгылашуу болот. Кыргызга тең келе албай калын калмактар качат. Бердике менен Атаке баатырлар, буларды артынан кууп баратып, бир колоттун ичинен оозунан ак көбүк агып жинденип турган ак буураны көрүп, Бердике баатыр коркпой түз барып Бууранын башын ыргыта чабат. Ак буурадан анча алыс эмес жерде келишкен чоң ак чатырдын ичинде курсагын дардайтып ачып калмактын баатыры доргулу мас болуп жатканын көрүп, Атаке баатыр ал дөөнүн курсагын канжар менен жара сайыптыр, үй – бүлөсүн кырып, жоонун артынан жүрүп кетишкен экен.

Ошентип Талас, Чүй өрөөндөрү, Көл калаасы Нарын бойлору баскынчылардан бошотулуп, адашып кеткен кыргыз элинин негизги бөлүгү айланып келип ата мекен Ала – Тоосун таап жайланышат. Бердике баатыр өзүнө караштуу Саруу, кытай урууларынын билермандарын чогултуп акылдашып, элибизди эрксиз калтырбай өз колубузга алалы да, тийешелүү жерибизди ажыратып, Таласка кайра кайталы дейт.

## БЕРДИКЕНИН АНЖЫЯНГА ЧАБУУЛУ

Ушул мезгилде Кокондун Эрдене бийи баш болуп, Бухар, Ташкен хандары түндүктү карай жыла баштайт. Бердике баатыр миңден ашык кол менен Эрдене бийге каршы аттанат. Бердике, өзүнүн туутаны Эркетай – Жайганды кошуп алайын деп кабар айттырса ал адегенде барбай (*кошулбай*) коет, "менин 600 бакма сарбаз калмагым бар, күчү болсо ушуларды коркутуп кошуп алсын" деп жооп айттырып жибериптир. Ошондо Бердике баатыр калың колу менен каптап кирип, Эркетайдын калмактарын ордунан басып алат. Бердике баатырдын бул эрдигине туутаны таң калып, "эми жолуң ачылсын" деп бата берип, калмактарын жана жигиттерин кошуп берген экен.

Бердике баатырдын колу чабуулду Анжияндан баштап, аны үч күндө басып алып, Анжиян бегинин башын алат, нааразы болуп жүргөн вазиринин аялын өзү[...] нике кыйдырып, кан тактысына отургузат. Шаарга катуу тартип колдонот, каяша айткандарга катуу тыйю салып, шаар калкына бийлик орнотот.

## БЕРДИКЕ БААТЫРДЫН ӨЛҮМҮ

Анжияндын айлана – чөлмөгүндөгү тоолук кыргыздардан жардам алуунун аракетинде тоо аралап чыгып кеткенде, шаардан козголоң чыгат. Бердике баатыр шаарга келгенде өзүнө караштуу ашпозчусу аркылуу уу берилет. Баатырдын ахывалы начарлап калганда, жоо колуна түшпөстүн аракети менен шаардан качып чыгып бараткanda козголоңчулардын куугунчулары жете келип, баатырдын бөйрөгүнө найза сайып оор жарадар кылат. Бердике баатыр өлөт. Сөөгүн жүктөп келишип, Баба – Атага жакын жайга коюп, үстү ачык, көп чоң эмес күмбөз тургузулат. Кийинки жылы күмбөздүн кыбыла жагына чоң түп чынар терек чыккан болуп, кийинки мезгилдерде бир короо кой көлөкөлөгөндөй болуп жетилгенин көргөн карыялар айтып жүрүшөт.

Бердике өлгөндөн кийин бул жортуул ийгиликсиз аяктап, жортуулчулар кайра элине (*Таласка*) кайтышат. Бердике баатырдын нике кыйдырып, такка отургузган аялы кош бойлуу калган экен, күндөрдүн биринде кош атты коштотуп, кор болбогудай өлчөмдө казына – мүлкүнөн жүктөп качып чыгат да, Чөгөн деген тоонун капчыгайын өрдөп бир туюк

колоттон орун алат. Эсен – аман көз жарат, издегендер таап албасын деп балага ат койдурбайт. Айланасына жарды – жалчыларды кондуруп, конушун көбөйтөт. Бул айылдын эли улуккатын аталып кетет, ал айылдан тарагандар "улук катын" уруусу аталып, Мунгуш уруусуна тутумдаш болуп калат.

Бердике баатырдан кийин бийликке анын иниси Бердиш кыска убакытка бийлик жүргүзгөн, саясатты өтө катаал жүргүзүп, жарды – жалчыны жакырлантып жиберет, мунун учурунда "оймо тазга он тенге, кырматазга кырк тенге, желке тазга беш тенге" деген салыктар болгон экен. Бердишти өзүнүн карамагында кызмат өтөгөндөр элдин арасынан атып таштаган. Бердикеге караштуу Саруу, кытайлар куугунтукка учурап, качып чыгып кокон, Анжияндан Таласка келишет.

Бердике баатырдын беш уулу болуптур:

Жарыке,
Жаныбек,
Жабагы,
Сатыбек
Топчубек деген

Бердикенин Чүйдө жашаган Мамбет деген сынчы досу болуптур. Бердикеге бата (куран) окуганы Таласка келип, чон кайгырып, калын элдин канырыгын түтөтүп: "Жолборс досумдун жоруту кимде калды, жолун уланта турган жортуулчу барбы?" деп суроо салат. Ошондо аяш атан арга учурашып, сынынан өткүлө деп Бердикенин беш баласын Мамбеттин үстүнө киргизишет. Жарыкени карап туруп,: "куу бутакка түнөп калган шумкар экен, жаш өлөт, уруту төрт үйдөн ашпас бекен дейт. Экинчи баласы Жабагы жоош киши экен, кирип келатып отунга чалынып кетсе, "сен эмне кирдин эле салпайып" деп көкүрөгүнөн түрткөн экен иниси Тойчубек. Ангыча сынчы Жабагыны кармап туруп: "Ат качырбас ала айгыр деген ушул болот, үстүнөн байлык, астынан бийлик кетпейт, 7 никелүү болот, мындан тарагандар калын катмар эл болот" деген экен. Муну уккандан кийин, агасы Жарыке: "ушул акмак 7 аял алса, анда мен аялдан коргон курам" деген экен. Жаныбекти карап туруп: "сырт – сырттан экен, өөк сырттан экен, мунун мыктылары кыздарына кетээр бекен" дептир. Айткандай эле Жаныбектин Анар деген кызына Атакенин Карабеги үйлөнүп, андан Жантай, Мөлтөй, Телтай, Маркозу төрлөт. Жантайдан Шабдан баатыр. Ана баяндабасак да элге

түшүнүктүү. Эң акырында Мамбет сынчы Тойчубек менен Сатыбекти карап туруп:

> Үзүлмө болоттон бүткөн эки эрен
> экен. Ким билет ай, арты түнөрүп
> эч нерсе көрүнбөйт" деген экен.

Айтканы айткандай келип, азыр эки баатырдан урук жок. Бешөөнү сынап бүтүп, батасын берип, "Бердике өлгөн эмес экен, беш берен калган тура" деп жыйынтык чыгарыптыр. Ошол сынчынын сөзүнөн улам "Бердикенин беш берени" деген ат калыптыр. Беш берендин ичинен Жаныбек баатыр жортуулчу болуп чыгат. Анын Шербек жана Келдибек деген эки уулу болгон. Жигиттердин мыктыларын жанына алып, инилери Жанбото менен Тогунай уруусунан Жанболот деген үчөө бирге жүрчү экен. Иниси Сатыбекти үйлөшкө кыз издеп жүрүп, Солто Үрүстөм баатырдын кызына куда түшөт. Үрүстөм баатыр "төрт түлүк малым Чүйгө батпай, карап турган киши жетишпей жапайыланып баратат. Жылкы баккыдай он эки жигит бер да, келиниңди алып кет" —дейт. Жаныбек эки жигити менен Сары—Аркага барат. Дарек салып жүрүп, казактардын арасына Аблайхандын жорутуулунда жакында эле колго түшүп барган солтолук жигиттерден он эки кишини качырып келет, арасында 2 жашар казак бала кошо келет, аты Куттуккожо экен. Жаныбек он эки жигитти Үрүстөм кудасына өткөрүп берип, келинин көчүрүп кетет.

Жаныбек Куттуккожону үйүнө алып келип, Агача деген байбичесинин эмчегине эмгизип, "Шербегимден кичүү болсун да, Келдибектен улуу болсун" деп, той берип, элден бата алып алат. Куттуккожону Кутуке деп эркелетчү экен. Кутуке жыйырмага чыкканда өзү ээрчитип кыз тандаганы казактарга келет. Кутуке бир кызды жактырат. Калыңын төлөп берип кызды алып жөнөшөт. Жолдо келатышып ээн чөлдөрдө, тоо токойлордо түнөп калышат. Баягы кыз Кутукени коюп эле Жаныбектин колун кармалай баштайт. Жаныбек кыжыры кайнап, "Кутуке, чаап таштачы муну" —деп жиберет. Кутуке кызды таяк менен желкеге чаап жибергенде кыздын жаны таслим болуп калат. Андан кийин. Куттуккожону Агынай кызына үйлөндүрөт. Андан тарагандар азыр Жаныбек уруусуна кирген бир атанын балдары.

# ЖАНЫБЕК МЕНЕН ЭСЕНГУЛДУН КУДА БОЛУШУ

Жаныбек баатыр ата парзын аткаруу милдетинин артына түшүп Сарыбагыш Эсенгул баатырдын Каныжан деген кызын Тойчубек деген инисине куда түшөт. Куда—сөөк катташы болуп турган мезгилде Эсенкул баатыр Сарымсак датканын кызына балдарынын бирин куда түшүүгө Таласты карай энеси Таалакени баш кылып көч жөнөтөт. Чүйдөн 80 аял, он жигит болуп, алдына 100 жылкы айдап Сарымсактын кызына сөйкө салышка жөнөшөт. Сарбагыштар Коен—Токойго келгенде, Жолдун боюнда Жаныбектин айылынан Карыбек деген 17—18 деги бала жылкы кайтарып жүргөн экен. Үйүрү кошулуп кетпесин деп жылкыларын жолдон алыс айдап коюп, көчкө жакындап "Ассалоомалейкум" десе, жигиттер алик албай коет. Жаш бала шагы сынып туруп калат. Аргга келаткан байбичелерге "Арбаңыздар" — десе, алар да унчукпай коет. Ошондо Карыбек чаап барып эң алдыда келаткан байбиченин элечегин укурук менен тартып кетет. Көрсө ал байбиче чоң Эсенгулдун энеси Таалаке экен. (*Таалаке таркылдак деп да коет*). Карыбек айылга кире качып кетет. Таалаке элечегин оңдоп оронуп жолго чыгат. "Тээтиги жубарымбек барган айыл кимдики?" деп сураштырса Жаныбектин айылы дешет. "Тарткыла эмесе ошол айылга" дейт байбиче, Жаныбек жек—жааттарды чоң изат менен бээ союп тосуп алат. Карыбекти алып келип кечирим суратып, "салам айтсам унчукпайт дегенде, Таалаке байбиче кайра уяттуу болуп калат. Жаныбек бул конокторго ат мингизип, сый көрсөтүп, Сарымсак датканын айылына жөнөтүшөт.

Таалаке байбиче, кайра Чүйгө барганда, уулуна "сенден чоңдор бар экен, элечегимди буза чаап, калмакка теңеди" деп таарыныч капачылыгын айткан. Бул сөздү уккандан кийин уулу Эсенкул баатыр шагы сынып, аябай капа болуп, Жаныбек баатыр менен жоолаша баштайт.

Ошол жылы Жаныбек жигиттери менен казактарга барат. Бара жатып Солто кудаларына кайрылса, "сени менен Эсенгул жоолашканы калды, келе жатканыңда колго түшүрөт" дейт, Чынында эле казактардан кайра келе жатканда кишилердин тосуп жүргөнүн байкайт. Жаныбек сай өрдөп келип, талаага түнөйт да, өзү менен кошо жүргөн Момун деген баласына мылтык берип, ташка жашынтып олтургузуп коюп, келе жаткан кишилердин атын жыга ата бер деп

үйрөтөт. Күүгүм талаш келе жаткандарды 5—6сынын атын ыргыта атат. Адамдар артына кайра качышат. Жаныбек, Жанболот, Жанбото үчөө Таар—Каптын т⁻таал секиртмесинен секиртип өтүп, капчыгай аркылуу тоону ашып кетет. Момун болсо башкасай менен эртеси жолго чыгып бейкапар жол жүрүп кете берет, эч ким ага көнүл бурбаган.

Кийинки жылы Жаныбек кордой казактарына барып чоң олжолуу болуп кайтат да, жигиттерин мурда жөнөтүп жиберип, өзү артта калат. Жаныбекти колго түшүрөбүз деп жол тоскон Эсенгулдун жигиттери сурашса, артта калды, казак достору эртең узатып келишет" деп Жаныбектин жигиттери жооп беришет. Эртеси Эсенкул өзү баш болуп жол тосуп турушса, Жаныбек жалгыз өзү келаткан экен. "Ассалому алейкум, кудалар" деп Жаныбек салам берсе, алар алик албай, орой мамиле кылганын Жаныбек сезип калып, Чачы кызыл деген тобурчагы өтө күлүк мал экен, аттын башын кое берип качып кутулуп, жигиттерине жете келген экен.

Ошол эле жылдын күзүндө Эсенгул Жаныбекти Чүйгө конокко чакырууну ойлойт да, кабарчы жиберет. "Ай, эми чакырганда барбасам болбостур" деп Жаныбек Эсенгулдун күйөө баласы Тойчубек инисин жети жигитин жандатып Чүйгө келет. Эсенгул конокторго деп обочорook жерге жети канат кара үйдү тиктирип, үстүн эски—уску кийиз менен самсаалатып жаптырып, үй ичине эски жыртык көрпө төшөк, талпактарды салдырып, конокторду ошол үйгө киргизет. Анысы аз келгенсип, эң картан койду сойдуруп катуу этти тарттырып, өзү жолукпай, Жаныбек этти кандай жегенин байкап карап тургула деп жигиттерин тынчы коет. Табак тарылып эт алдына келгенде, Жаныбек картаң койдун башынан кесип ооз тийип, кары жиликтин этинен бир кесип жеп, табакты жигиттерине коет. Бул жорукту Эсенгул тынчы жигиттери аркылуу угат да,

"Ии, атакөрү, карачунак башым токмок,
Каруум казык болгуча кармашып жүрүп өтөмүн
деген тура" деп жоруган экен,

Эртеси Эсенгулдуң энеси Таалаке байбиче жогоруда айтылган, конокторду өргөө үйүнө чайга чакырат. Коноктор кара үйдөн эшикке чыгышса, ак өргөөгө чейинки жолго карала шайы төшөп койгонун көрүшөт. Өргөөгө баргыча Жаныбек карала шайынын ак жерлерин тандап басып баратканын байкаган Таалакенин көңүлү агарат. Жаныбек

Таалаке байбичеге таазим кылып учурашат да, төргө келип олтурат. Таалаке уулу Эсенгулду чакырт, ал кирип келип Жаныбек менен учурашып, "Ээ, Жаныбек бей—бечара карыпты талап—тоноп жеп жүрүп, маңдай тишиңден ажырап арсайып калыпсың го" дегенде, Жаныбек ага жооп кылып: "Ооба, Эсенгул баатыр, алла таалам көрөнөктүн көзүн алам, тебенектин бутун алам, тиштээктин тишин аламын деген экен, сизден экини, бизден бирди алыптыр, эмнесине сынтаккыдайсыз" дептир. (Анткени, Эсенгулдун бир көзү кыйшыгыраак, бир бутунан сылтып басчу экен, а Жаныбектин болсо эки маңдай тиши түшүп калган экен). Бул экөөнүн мамилелеринин начар экенин байкаган кыраакы Таалаке байбиче уулу Эсенгул менен кудасы Жаныбекти жанаша олтургузуп: "Мени бир ит капкан экен—дейт—Эл башында турган эки бала жоолошпогула. Мен кечирдим, унуттум, Эсенгул уулум, кудаңдан калыңыңды ал да, Кызын Канымжанды жөнөт" дептир. Таалаке байбиченин бул сөзүн уккандан кийин, эки баатыр кучакташып, карсылдашып күлүшүп, көңүлдөгү кирлерин тазалашкан экен. Андан кийин Эсенгул кызынын калыңына үч жүз жылкыга макулдашып, меймандарды өргөөгө коноктогон. Эсенгулдун жылкычы—ларынын башчысы Малжан шамдагай мыкты жигит экен, ал конокторду тосот. Анын кыймылы, мамилеси конокторго жагып калат, Жаныбекти жылкычы Малжан жактырып калат. Конокторду узатып баратып, "Чоң Эсенгулдун өзү көрө элек жылкылары көп, үч жүз жылкыны мен даярдап коемун, сиздин азаматтыгыңыз мага жакты" дейт Малжан.

Жайдын толук кезинде Таластан кудалар чүйгө келип, калыңды өткөрүп Эсенгулдун кызы Каныжанды алып кетишет. Жаныбек кетип баратып Малжанга ыраазычы—лыгын айтып, "Күзүндө Таласка келип сый көр. Коен—Токой деген жерге кел" дейт. Күзүндө Малжан келет. Жаныбек ал жигитти жылуу тосуп алат да, Куулектерден калыңын өзү төлөп бир сулуу кызды аялдыкка алып берет. Малжан ошол бойдон Таласта Бердикенин беш берендеринин арасында эл болоуп калып, Ырыскул, Наскул деген эки балалуу болот. Ошондон тараган Сарбагыш уруусу аталып, берендердин арасында, Козучак деген айылда жашашат. Эсенгулдун кызы Каныжанды Тойчубек алат, бир кыз төрөлөт, көп узабай Тойчубек каза болот. Канымжанга Жаныбек өзү нике кыйдырат, андан Каракозу, Назар деген балдар төрөлөт. Эсенгулдун бул жээндери да таякелерин тартып тың—чыйрак чыгат. Каракозудан Эсенгул,

Эсенгулдан Эсенаман, Арзы, Балбак деген үч бала. Ал эми Эсенамандан Имет, Медетбек, Кубатбек. Жалпысынан Жаныбектен тарагандар өзүнчө бир чоң айыл болуп Балбай айылында турушат.

Сарууда Эркетай – Жайсан баатыр деген болгон. Бердике баатыр Кокон жортуулуна чыкканда Эркетай чон баатырдыкты көргөзгөн. Эркетай тубай тукумунан чыгат, тактап айтканда Тубай, андан Меңди. Мендинин уулу Токтоболот, Токтоболоттон – Токтогул деген бала. Токтогулдан Чанкан, андан – Абдый. Абдыйдан Эр Калыбек. Ушул Эр Калыбектен Эркетай – Жайсан баатыр болгон. Эркетай баатыр калмак – кыргыздын жоолошкан мезгилинде далай калмактарды колго түшүрүп келип, кыргыздардын кызыкчылыгына иштеткен. Эркетай баатырдын балдары Мырзабек менен Субан. Субандын кызы – Алымкан, кадимки улуу акын Токтогул ашык болгон селки. Мырзабек канаттуулардын тилин билген мыкты мүнүшкөр, табийгаттын сырын жакшы билген адам болуптур. Келин – кыздарды чогултуп жип (ийритип), тор токутуп, беш гектарга жакын жерди тор менен каптатып, куш бактырып, куштардан төл алган киши экен. Мындан тараган уруктар Жаны – Жол районунда 400 түтүнгө жакын Оготур Уруусунун бири болоуп жашап турушат.

## МӨНДӨК ЖАНА САРУУНУН КӨЛГӨ КЕЛИШИ

Бердике баатыр чачылган элди негизинен Таласка конуштап коюп, Атаке баатыр менен убадалашканда, калмактын артынан жөнөөрдө, эл башына Мөндөк баатырды коюп кеткен экен. Мөндөк, Саруунун Көнөк баатырынын кытайдан олжолоп алган аялынан туулган, Кошкулак тукумунан чыккан кийинки неберелер болоуп саналат. Бердике жөнөп кеткенден кийин, Бердикенин чон атасы, Тагайкулдун бир тууганы, сексенден ашкан Түйтө "мени хан дейт, Бердике экөөнөргө бириңе – бирин бийлик ыйгарышты ким коюптур", деп, Мөндөккө жигиттер жиберип чыр чыгарат. Айыл ичи экиге бөлүнүп, чатакташып кетип, Түйтөнү Мөндөктүн аты тебелеп кетип каза болот. Бул эл ичиндеги санжырада айтылган бир вариянт. Экинчи вариянт, ошоол мезгилде айыл ичинин тынчын алган, уурулук кылып ушак таратып эл ичин бузган үч тентекти, убактылуу айыл

башкаруудан пайдаланып, Мөндөк аларды өлтүрүп коет. Ушунун негизинде эки уруктун ортосунда "кан куумай" салты менен катуу чыр чыгат. Мөндөктүн туугандары дагы кан төгүүдөн коркушуп, анын карындашын кун алуучуларга берүүнү чечишет. Мөндөк буга макул болбой Бердике баатырдын келишин күтөт. Бердике келип бул окуяны уккандан кийин, катуу кейиште болуп, "Түйтөнү эл кан дечү эле, канга кун болбосо тууган көксөөсүн суутпас" деп Мөндөккө жооп айтыптыр. Эртеси Мөндөк ак боз аргымагын баш кылып, төрт атты суутуп уялаш жалгыз карындашын бир күлүккө мингизип, эки атты коштоп, "кун төлөп журтту чандаткандан көрө канга кан болсун, кармап колго түшүрсөңөр башымды алгыла, жоо куугансып жабыла артымдан чаппай, эки эле киши куусун, ок атылбасын" деп кыйкырып, түштүктү карай жолго чыгыптыр. Артынан эки жигит кубалап жете албай, ок атып коштогон аттарын аксатып салышат. Мөндөк баатыр түшө калып атканда куугунчу жигиттердин аттары жыгылып, жөө калышат. Мөндөк Кош – Коргонго барганда куугунчулардан кутулат да жолдо келатып карындашын Сарбагыш (*Шабдандын*) айылына таштап, өзү жүрүп олтуруп Анжыянга барып токтойт. Ал жерде да куугун токтобогондон кийин, башы оогон жакка жылууну ойлоп, Мөндөк Анжыяндын базарына барып тамак ичип олтурса, кирекечте малайлыкта жүргөн бир баланы көрөт. Байкаса бала шамдагай, бышык, башкаларга караганда эки, үч кишинин жумушун жалгыз өзү бүтүрүп жатканын Мөндөк өз көзү менен көрөт да, ал балага кызыгып калат. Бала менен сүйлөшөт да, "эй бала мага ини бол, мен сени ала кетейин" дейт. Мен ушинтип кирекечтерге малай болуп, эптеп жанымды багып жүрөм, эгер андай болсо жакшы эле болоор эле, атым Сатыбалды дейт. Кирекечке баланын акысын берип, Сатыбалдыны бошотуп, Көпөштүн торала атына мингизип алып экөө, Көгартты ашып Кулжага барышат. Кулжадан Мөндөк Бугунун Белегинин тукумдары Тынымсейит, Мамаке, Шапак, Арык дегендерге жолугат. Мөндөк ал жерден аял алып, Жолболду, Кулболду, Ырысбай деген үч уулду. Агача деген бир кыздуу болот. Кийин бойго жеткенде, калмактын каны Канкожо ага үйлөнөт.

Ошол кезде Үрүмчүдөн бери, тыягы Ысык – Көлдүн тескей жак өрөөнү дагы Канкожого карачу. Ушул учурда Ысык – Көлдөн алык – салык алууга кызыгып кытайлар умтулуп турган. Кытайдын бул максатын ишке ашырбоо үчүн

Канкожо Мөндөктү чакырып: "Кытай бизге кол салган жатат, мына ушуларга элчи жиберишибиз керек" деп кенеш салат. Мөндөк Канкожого мындай деп жооп берет. "Мен тараптан менин иним Сатыбалды барат (кийин баатырдыгынан кашка деген атка конот). Экинчиден Шапак баатыр (*уругу Белек*), үчүнчүдөн Мамаке баатыр (*уругу Тынымсейит*). Мына ушул үчөө кытайга элчиликке барат. Кытай ханынын ордосуна кирүү оңой – олтоң иш эмес эле. Адегенде үч баатыр "сен кир, мен кир" болушат. Сатыбалды жеринен эле эр жүрөк эмеспи, кирмек болот. Мөндөк Сатыбалды баатырга өзүнүн дарханбоз деген күлүк атын мингизет, Дарханбоз эч убакта сени талаада калтырбайт деген, Таластан чыккан күлүк ат эле.

Дарханбозду эки жолдошуна карматып коюп, кылычын колго алып, кытай ханынын ордосуна кирип бараткanda хандын жигиттери, кароолчулары Сатыбалдынын көзүнөн, сүрүнөн коркуп, дарбазаны ачып жиберет. Хан, обозгери менен ичкилик ичип жаткан мезгили экен. Хан өзү баштап Сатыбалдыдан коркуп, козголо бергенде Сатыбалды аны туура кучактап, хандын колундагы алтын чөйчөктү койнуна катып алып, ханды көтөрүп чыгып Мамакеге өңөртөт. Шапак менен Мамаке Сатыбалдыны жөө таштап, "кытай ханын биз алып келдик, Сатыбалды болсо колго түшүп калды" деп калп айтышып элге келишет.

Сатыбалды атынан ажырагандан кийин жөө качып жөнөйт. Бирок, кытайдын аскерлери артынан түшөт. Колго түшөөрүн билгенден кийин, жердин бир жерин белгилеп туруп Зулпукорун суута ыргытып жиберет. Сатыбалды курчоодо калып колго түшөт, аябай кордукту көргөзөт. Сатыбалдыны өлтүрүүдөн мурда суракка алат. Өлөөр алдында "акыркы сөзүңдү айт" дегенде: мени өлтүрсөңөр ханыңардан айрыласыңар, жок, өлтүрбөсөңөр ханыңарды кайра аласыңар" деген экен. "Эмне үчүн?" дейт тигилер. Себеби мага ханыбыз Канкожо болот зулпухорун өзү берген" деп, кара суута болот кездикти ыргытып жибергенин айтып, кытай жоокерлерин жиберип, болжогон жеринен таптырып келет.

Сатыбалдынын, кытай ханын бошоттурам, деген убадасы менен, 40тай аскерин кошуп кытайлыктар Канкожого жөнөтөт. Келсе той жасап, бүт эл чогулуп, Шапак баштап Оюн – зоок куруп жатышканын көрүшөт. Сынамакка кытай ханынан Канкожо: "сени ордодон алып чыккан ким? деген суроо коет. "Анда элинди чубатуудан өткөргүн" дейт. Элдин

баары чубатуудан өтүп бүткөндөн кийин кытай ханы: "ордодон мени алып чыккан киши мунун ичинде жок" дейт. Ангыча кытайдын кырк желдети менен Сатыбалды да келип калат. Муну билген Канкожо кайрадан элди, экинчи жолу чубатуудан өткөрөт. Чубатуудан мурда, Канкожо Сатыбалды менен жүз көрүшүп, учурашып, кытай тараптагы болгон окуяларды, Шапак менен Мамакенин чыккынчылык кылып кеткенин барын төкпөй–чачпай түшүндүрөт. "Бул ишти эмне менен далилдейсин" дейт Канкожо Сатыбалдыдан сураганда, койнундагы кытай ханынын алтын чөйчөгүн көрсөтөт. Бул бир далил. Экинчиси, элди экинчи жолу чубатуудан өткөргөндө кытай ханы Сатыбалды тушма–туш келгенде: "Мына, мобул болчу" деп тааныйт. Ошондон кийин кытай ханын бошотот. Канкожо ыраазы болуп Мөндөк, Сатыбалды, Шапак, Мамакелерге бата берет. Бата берээрде Сатыбалды алдында биринчилерден болуп турат. Бата берип жатканда Сатыбалды Канкожонун көзүн теше тиктейт. Канкожо бата берип бүткөндөн кийин, Сатыбалдыга: "Сенин көзүн менин көзүмдөн өтүп кеткенден кийин, батам сага тийбей кийинкилерге (*Шапак, Мамакелерге*) тийип кетти. Өзүн абдан баатыр экенсиң, түтүнүң аз болот, мындан ары сенин атың Сатыбалды эмес, "Кашка баатыр" болсун деп экинчи жолу бата берет. Азыр да кашка уулу дешет. Кашканын Ажыбек уулунан 14 түтүн, Байгабыл 12 түтүн, Сүйөр 10 түтүн. Бардыгы 36 түтүн. Баары Саруу айылында жашайт. (*Көлдө*). Кийин калмактын ханы Канкожо талкаланып жок болгондон кийин, Мөндөк менен Сатыбалды баш болгон Саруулуктар, а дегенде Көлдүн Көтмалдысынан (Балыкчы) орун алышат.

Көтмалдынын аркыраган шамалы, учкан куму, дүмүрү жыланачтанган чийинен башка эчтемеси жоктугунан, байлык таппай кыйналышат. Айланасындагы Сарбагыш, Саяк, бугунун жайытынан мал уурдап, элди тажатат. Эл арызданышат. Ошол мезгилде отурукташкан уруулардын арасында жер бөлүштүрүүдө наразычылыктар көбөйөт. Эл жакшылары чогулуп жер жөнүндө "Кара көтөн" кармашат. Ошондо саруу уруусунан Мөндөк катышып, Жети–Өгүз аймагына туура келген экен.

Мөндөк Таластан Көлгө барганда бир келин төрөйт, баланын атын Таласбай коюшат. Мөндөктүн балдары чыйрак чыгышат. Мөндөктүн жогоруда айтылган Кулболду уулунан Айтыкул деген бала. Айтыкулдан Арык, Арыктан Молдо, ал эми Молдодон Мамажан. Мамажан акылман элдик киши

болгон. Эл бул кишини кадырлап сыйлагандыктан Мамажан аке деп айтышчу экен. Мамажан баатыр Көл калаасындагы жана Таластан сырткары жүргөн Саруулларды баш коштуруп, бир жерге топтогон акылман болгон.

Мамажан жөнүндө санжырада Мамажан аке, Көлдөгү айтылуу Тилекматтын уулу Чыныбай менен замандаш болгон. Чыныбайдын бийликке турган кезинде андан мансап талашкандар болгон. Мамажан аке келип Чыныбайга сунуш айткан: "Мен сизге кол көбөйтөм, Сарууларды чогултам, Бийлигиниздин калышына жетишебиз. Бирок кийин мага жардам бересиз" дейт. Чыныбай макул болот. Ошентип Мамажан аке жигиттерин чаптырып көл калаасындагы, эки Кеминдеги, жогорку Чүйдөгү, Тянь–Шандагы Саруу, кытайлардын баарын чогултуп Чыныбайга кол көбөйтүп берет. Чыныбай жеңип, бийликте калат. Мамажан ошондо: "Эми туугандарымды жакшылап жайгаштырып, түбөлүккө калтырайын, Жууку өрөөнүн бизге бер" дейт. Чыныбай Жуукуну Саруударга бошотуп берет. Мына ошентип, кыраакы адам Мамажан аке жети өгүздөгү жер соорусу, эң негизгиси суута бай, жаратылышы кооз Жууку суусунун өрөөнүн урпактарына алып берип, мурас кылып кеткен экен. Эл ичиндеги санжырада Мамажан менен Чыныбайдын тууганчылыгы да болгон деп айтылат. Чыныбайдын чоң атасы жылкы айдар саруудан, энесинин боюнда келген экен. Ал мындай болгон дейт: Бердике баатырдын атасы Сырдыбайдын агасы Боорукенин Шаботосунун тукумунан бир жигит Көлгө барып колукту алып келет. Бир күнү келин дайынсыз жоголуп кетет. Көрсө желеден бир бооз бээни токуп минип, төркүнүнө кетиптир. Таластан жол жүрүп олтуруп Көлгө барганда бир жылкычыга жолугат, сырын айтат. Анда жылкычы, "кыргыздын кызы кош каат бойдон атасынын үйүнө качып барса уят болот, боюнан бошогуча менин үйүмдө жүрө бер, бошогонунда алып барамын" дейт, Келин уул төрөйт, атын жылкычы киши Жылкыайдар деп коет. Ошол Жылкыайдардан Тилекмат. Өз заманында бутуларды Ормондун кунунан куткарып, каарын чачкан казактын Тезектөрөсүн артынан ээрчитип келип, Стамбектин кызына үйлөнткөн экен. (*Төрөтай дегенге – Т. Э.*).

Ошол көрөгөч, даанышман Тилекматтын баласы Чыныбай болсо, Саруу туугандарына боор тартса, бабаларынын арбагы ыраазы болгондур.

Көлдөгү Саруу айылынын негизги бөлүгүн Мөндөктүн тукумдары түзөт. Мөндөктүн Жолболду уулунан (1990ж) 90

түтүн, Кулболдусунан 100, Ырысбайынан 80 түтүн эл бар. Мөндөктүн Ырысбайынан Ашыр. Ашырдын Жанай жана Жаналы деген эки уулу болуптур. Жанай мыкты баатыр экен. Ал чыканактай болгон, кичинекей сары киши экен, сөзду көп сүйлөбөгөн бир мүнөздүү, өзүн сыпаа алып жүргөн, айылына көз салган адам болуптур. Жанай баатырдын кууса жеткен, качса кутулган ишенимдүү күрөң кашка аты болуптур. Жоого чыкканда ардайым ал атын минчи экен. Ошол мезгил жоокерчилик болгондуктан, андан сактануу максатында, Жанай баатыр, көл айланасында белгилүү болгон Белек деген устага Чокмор (*чоюн баш*) менен ай балта жасатып алат, атайлап камчы өрдүрөт.

Кур сөз болбос үчүн, Жанайдын баатырдыгы жөнүндө бир–эки мисал келтирели: Жанай баатыр эки жакка чыкканда куралын ачык алып жүрбөй, жең ичине катып жүрчү. Качан жоосу менен беттешкенде, бул киши эки же үч кайталап чаппай, бир гана жолу чабыш менен душманын оңдурчу эмес. Жанай баатыр күндөрдүн биринде өз тиричилиги менен каркыра тараптагы казактарга бир жолдошу менен баратса, жолдон бүт казак өрөөнүнө белгилүү балбан оп деген келаткан болот. Жанай баатыр салам айтса, оп балбан алик албай өтө берет. Ошондо Жанай баатыр кайра кайрылып, оп балданды кулак түпкө тартып жиберет. Оп балбан аттан ооп түшөт да, Ой–бай ээ, мен өзүмдү баатырмын десем, сен менден өткөн баатыр турбайсыңбы! Тиги аттагы эки куржунумдагыны алып, атты таштап кет'' дейт.

Кийинки жылы элден сурамжылап жүрүп. Оп балбан атайын издеп жүрүп Жанайдын айылына келип түшөт. Бул окуяны жергиликтүү эл жакшы билгендиктен, Оп балбан Жанайды таанып бекен, же таанybac бекен деп Жанайга эски–уску кийимдерди кийгизип, кемегенин башына от жактырып отургузуп коюшат. Эгер тааныса тай союп, алдына түшөлү. Эгер тааныбаса анда, биз дагы унчукпайлы дешип, айыл аксакалдары күн мурунтан макулдашышат. Оп балбан бир аз жайланып олтуруп, болгон окуяны өзү айта баштап, "мен, ошол бир чабыш менен аттан оодара чапкан кишини көрөйүн деп келдим дегенде, мына биздин кишилер, баары олтурат тааныңыз дешет олтургандар. Оп балбан олтургандарды карап таппай, кемегеде күйпүлдөгөндү мага карачы десе өзүн бир чапканда жыккан жигит ошол экенин тааныган экен, "ушул болчу, ой кел бери деп, оң колун сунуп, Оп балбан Жанайдын колун кармап туруп, "мен

өмүрүмдө мейли жөө же атчан болсун кишиден жыгылып, же оодарылган эмесмин. Ушул кичинекей сенден гана ыза көрдүм. Болуптур, мен сени киши катарында көрбөптүрмүн. Элден угушума караганда сен дагы баатыр экенсиң. Мен сенден эч нерсе доолабайм. Мындан ары таанышып жүрөлү" деген экен. Казактын Оп балбаны кыргыздын көргөзгөн сыйын көрүп, эч нерсе доолабастан Жанай баатырга ыраазычылыгын билдирип элине жөнөп кете бериптир.

Жанайдын дагы бир баатырдыгы: кадимкидей жортуул жүрүшүндө жүрсө. "Буурул түн" деген жерде жети каракчыга туш болот. Жанында иниси Жаналы болгон. Жолдо караңгы кирип кеткендиктен алыстан оттун жарыгын көрүшөт. Иниси Жаналыга байкаттырса айыл жок, үңкүр оозунда бир аял от жагып жатат.

"Эми сен атты кармап, байкап тур, мен көрүп келейин" деп Жанай баатыр үңкүргө жөнөйт да, каракчылар экенин билип, а дегенде аялды жайлап, андан кийин үңкүрдө жашынып жаткан жети каракчыны жайлаган экен. Көрсө алар ары – бери өткөндөрдү өлтүрүп, тоноп алып жүргөндөр экен. Мына анын баатырдыгы, коркпой жалгыз өзү жети каракчыны сум кылган.

Жанай 90 жашка келгенде 25 – 30 жаштардагы жигиттер менен Саруунун "Арпа тектир" деген жеринде улак (көк бөрү) тартып, аларга бербей койгон. Ошондо аны менен улак тарткан жаштар жана ал окуяны көргөн эл таң калган. Жанайдын буга окшогон эли үчүн жасаган баатырдыгы өтө көп, айта берсе түгөнбөйт. Ал киши өтө тамашөкөй, күлдүргүч да киши болгон экен.

Жанай баатыр, 1916 жылы үркүндөн келгенден кийин, Саруу айылынан орун алган бай орус Гриша дегендин огородун, бак – шагы менен эки өгүз, ат, акча берип сатып алат. Азыр ал жерде Жанай баатырдын неберелери жашап жатат. Бул киши 1922 – жылы 99 жашында каза болгон. Эли 1924 – жылы ал кишинин (Жанай баатырдын) 100 жашка толгондугун жана баатырдыгына арнап заңгыраган күмбөз салдырып, анын арбагын сыйлап, чоң урмат менен белгилешкен. Мүрзөсү азыр да Саруу айылынын четиндеги кашатта заңгырап турат. Бул жөнүндө 80 жаштагы (1990)ж. Карыя Табыбектин уулу Мукөн эрикпей айтып берген.

# РАЙЫМКУЛ БАЯНЫ

Эшим баатырдын колпочтору Таластагы Калбанын суусунан арык казып, суу чыгарышып эгин айдап турушкан. Бул, колпоч арык деп айтылып калган. Колпоч арыктан улап арык казып дыйканчылык кылууга Толубайдан тараган Кулатайлар уруксат алышат. Кулатайлардын түшүмү жакшы болуп, Колпочтор начар түшүм алып калышат. Ошондо Кулатайлардан Колпочтор түшүмдүн жарымын талашып, чабыш чыгарышат. Чабышта Колпочтордун бир аттуу-баштуу аксакалынын Умайбала деген байбичесин Култай Райымбектин аты тебелеп кетип өлөт. Райымбек кундан качып, Райымбай, Акбай, Райымкул деген үч баласын алып казактын Аблайханынын айылына барат. Ал жердеги элди чечек оорусу каптап турган кез экен. Райымкул ооруп" калат да, Райымбек эки уулун алып башка жакка жер которуп кетет. Райымкулду "сакайса багып бала кылып алгыла, өлсө жашырып койгула" деп, казактарга тапшырып, эки баласын сактап калышка Иленин суусунан өтүп кетет. Райымкул оорусунан сакайып, казакка бала болуп чоноет. Кийин чоң балбан болуп чыгат. Бир жолу Каркырада чоң аш болуп, Райымкул казактар тарабынан Көлдөгү Белек уруусунун балбанына чыгат да, аны жеңип кетет. Жыгылган Бугу балбаны, мени кармаганда "Манас атамдын арбагы колдо" — деп айтты казактын балбаны деген экен. Анда ал кыргыз экен го деп Көлдүктөр артынан барып сурашса, ал казактын балбаны Түбү кыргыздын Саруу уруусунан экендигин айткан. Кийин Райымкул Белек — Бирназардын уулу Аалыбайдын колунда туруп үйлөнөт да, Абдрайым, Жанкара, Арзы, Боронбай, Жээнбек деген беш балалуу болгон.

Илгери Саруунун колпоч тукумунун бир баласы туугандарына тарынып Чоң Кеминдеги Сарбагыштарга келип, эл болуп калган экен. ошондон таргандар — Колпоч, андан Саргылбай. Саргылбайдан Адыл. Адылдан Чоро. Ал эми Чоронун Чегиртке, Үсөн деген эки уулу болуптур. Чегирткеден Саяк, Саяктан Турганбек, Илимбек жана Тыныбек, Тыныбектен төрт уул: Алмас, Марс, Марат, Рысбек деген. Илимбектен Артык, мындан тышкары Аккийиз, Култай, Токо, Буро, Болот, Чечей, Кезексары, Кубулек, Баян, Токтук, Баба, жана Чуну дегендер да Колпочтон (Саруудан) тарагандар.

Кыскартып айтканда саруулар өз ичинде Алакчын, Колпоч, Куркуроө, Бошмоюн, Айтамга, жети уруу, Берен, Акбай, Түйтө ж. б. бир топ уруктар бөлүнөт. Мисалы: Айтамгага — Сейитаке, Атек, Көбүке, Чүкө, Баласаруу, Жалпактил, Чаян, Андабай, Очок, Түктүү Курт, Жолдош, Тобот. Кызырос, Назарбектер кирет.

Жети — Уруута Абдый, Кимбилди, Ботояр, Ташмоюн, Мамелдей, Жангыр, Байбиче, Токол, Тукок, Мадыяр, Болокчал, Балыкчы. Жолжакшылар айтылат.

Бошмоюнга — Ыңырчак, Кезектаз, Кодор, Жээнбай, Кененбай. Бозайгыр, Рысмат, Календер, Боркемик, Караборкемиктер айтылат.


Агынайга — Чоң, Эсенгелди, Борой, Кадимдер кирет.

Алакчынга — Жолболду, Бабыр, Акбай, Түйтө, Чиркей, Чокон, Шааботo, Бекмурат, Ажыбек, Алчыкен, Конкобай, Кубатбек, Маматбай, Мандалак, Берен, Жарыке, Жаныбек, Боруке ж.б. лар айтылат.

Кырк Уулга, Байсу, Келдей, Мачак, Бешкаман, Тенечим, Ардай, Куштон, Булбул, Шекерлер айтылат.

Колпочторго болсо — Аккийиз, Култай, Токо, Буро, Болот, Чечей, Кесексары, Кубулек, Баящ, Токтук, Баба, Чуну жана башкалар кирет. Булардан тараган айрым топтору төмөн жакта схема (суроо) жолу менен көрсөтүлдү.


## ДОЛОНБИЙДИН КАБЫЛ (КУУ УУЛ – СОЛ) УУЛУНУН СҮРӨӨСҮ (схемасы).




КАРАНАЙДЫН САРУУ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




КӨНӨКТҮН ТУБАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## ТУБАЙДЫН МЕНДИ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР





ЭСКЕРТҮҮ: Эркетай баатырдын уулу Субандын кызы Алымкан, кадимки улуу акын Токтогул ашык болгон селки.


## ТУБАЙДЫН МУРАТАЛЫ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## КОЖОБЕРДИНИН ЖУТАБАЙЫНЫН ТЕМИРЖАН ЖАНА МАМБЕТ УУЛДАРЫНАН ТАРАГАНДАР



## ЖУТАБАЙДЫН БАЙБОЛОТУНУН АЛЫМБАЙ, КАЛЫГУЛ, ДӨӨЛӨТ ЖАНА САРЫГУЛ УУЛДАРЫНАН ТАРГАНДАР




## МУРАТАЛЫНЫН БОРКЕМИК УУЛУНУН БАКЫБЕГИНИН АРЫК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



## МУРАТАЛЫНЫН БАШМОГОН УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




МУРАТАЛЫНЫН БАКМА БАЛАСЫ АЛАКЧЫН
(ШАМЕЙСУЛТАН) ДАН ТАРАГАНДАР.




(Булар Бердикенин беш берени деп айтылат) Эскертүү: Сарбагыш Эсенгул баатырдын жылкычысы Малжан, Саруута келип эл болуп калган. Малжандан – Ырыскул, Наскул.

## КӨНӨКТҮН ТӨНТӨРТ ЖАНА КЫРК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



КӨНӨКТҮН КОШКУЛАК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




ОШ, КАРАСУУ РАЙОНУНДАГЫ ЖООШ АЙЫЛ СОВЕТИНДЕГИ САРУУЛАР.




САРУУНУН КОЛПОЧ ТУКУМУНАН САРГЫЛБАЙ ДЕГЕНДЕН ТАРАГАНДАР (Чоң – Кеминде)



## ЧҮЙ РАЙОН ОНБИР – ЖЫЛГА, ШАМШЫ АЙЫЛЫНДАГЫ САРУУЛАР



## САРУУ
## ШАМШЫДАГЫ САРУУЛАР



## КАБЫЛДЫН (КУУ УУЛ) МУНДУЗ ТУКУМУНУН ТАРАЛЫШЫ

Жогоруда Кабылдын (Куу уулдун) Көбөш уулунун алты баласы болгондугу айтылган. Анын бироо — босого. Көбөштүн мына ушул Босого уулунан Мундуз уруусу тарайт.

Санжырада Көбөштүн Босого уулунун жалгыз Мундуз деген баласы болгондугу айтылат. Мундуз ата — энеден жалгыз болгондон кийин, ыймандуу болуп, жакшы тарбия көрөт. Жигит болуп чоңоюп үч аял алат да, тогуз уулду болот. Биринчи кыргыз аялынан алты бала: — Зулум, Зуркай, Шыгай, Лакай, Зултай жана Калдык дегендер;

Экинчи өзбек аялынан — Замин, Шердар деген эки бала;

Үчүнчү уйгур аялынан — Зулдуз деген жалгыз бала болгон. Булардан тараган укум — тукумдар көп.

## МУНДУЗДУН КЫРГЫЗ АЯЛЫНАН ТАРАГАНДАР

Мундуз, кыргыз аялынан төрөлгөн биринчи тун баласы Зулумга, Саяк Түнкатардын кызы Сайкал деген аялдыкка алып берет. Мындан бир бала төрөлөт, атын Каба деп коет. Каба чоңойуп, жигит болгондо үйлөнүп, Атахан, Акман, Дашман деген үч уулду болот. Булар жакшы тарбияда болушуп, эл ичинде кадыр — баркка ээ болгон кишилер экен. Мына ошондуктан булардын атында айтылып калган Базар көргөндө Акмандын атында (айтылып калган) жер, Дашмандын атында токойдо жайлоолор бар. Атахандан Карабаатыр, Таталай баатыр, Жалалбай деген үч уул болгон. Жалалбайдын тукуму Анжиян областынын ичинде жайгашкан. Бул киши өтө ак ниет, кол өнөрү күчтүү эмгекчи дыйкан болуптур. Элдин сообуна калып, суусуз жерге арык каздырып суу чыгарып, чөл жерлерге кудук каздырып, элди суу менен камсыз кылган адам экен. Мына ушуга байланыштуу, Анжыянадырларын жайлап жүргөн эл "малыбызды Жалалдын кудугунан сугарабыз" деп айтып калышыптыр. Ушул себептен Өзбекстанда ошол кишинин (Жалалдын) атынан Жалал — Кудук району аталып калган.

Кабанын Акман уулунун да үч баласы болгон. Алар: Абакан, Алдосбай жана Абышка дегендер. Абакандан — Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Карагул жана Көкчөкөз деген алты уул. Буларды жергиликтүү эл ичинде "Бээ

байлабастын беш уулу Ак үйлүү мундуздар" деп айтышат. Акмандын Алдосбай уулунан – Боobeк, Жарыке, Өтөмүш, Жаныбек деген төрт бир тууган болгон. Боobeктен Эшпер, Манас, Эшперден Ботобай, Дөөлөт, Манастан Акылбек, Казыбек, Оморбек. Булардын лакап атын кожолор деп коет. Акылбектин баласы Тилеке, Чыныш, Атабай, Шаадык, Акылбектин чоң байбичеси Акталаалык Сарбагыш уруусунан экен (Тилекенин энеси). Тилеке таякелеринде чоңоет. Эр жеткенде чоң атасы Манас, небереси Тилекени өзүнө алып келип, үйлөнтүп – жайлантат экен. Күндөрдүн биринде Тилеке таякелерине барып учурашып кайтат. Кайтканда таякелери жээнине бир төөнү тайлагы менен жана көп мал – жандыктар айдатып жөнөтөт. Тилеке бул малдарын айдап Кара – Балтанын капчыгайы менен айдап давандан (белден) ашырып Суусамырга түшүрүп жиберет. Тайлак жүрбөй төө менен давандын аржагында калган болот. Тилеке кайра келип тайлакты давандан (белден) өзү көтөрүп ашып Суусамырга түшүрүп жиберген экен. Ошондон улам Кара – Балтанын ашуусу (бел) "Төө – Ашуу" деп аталып калыптыр.

Тилек малын айдап олтуруп Кетмен – Төбөгө келип, малдарын кайыкка салып Нарындан сууччулдар өткөрүп коет. Жол жүрүп келатса тайлагы дагы чарчап баспай калганда, Тилеке аны желкесине салып көтөрүп келатса, аны жолдогу келин – кыздар көрүп таң калып "ой бул адам эмес периштеби, периби, кудайбы же дөөбү дешип таң калып, тобо кылышып жүгүнүп салам беришкен экен. Чынында эле Тилеке укмуштай балбан киши экен. Ошол себептен Боobeктердин ичинен "Тоо Тилекелер" деп өзүнчө бир уруктар айтылат. Тилекенин баласы Жанай, Канай, Жанайдын урпактары Атаке баатыр. Атакеден – Байы, Шайч, Байыдан – Шана ажы, андан Анашбай, Турдубай, Сооронбай, Найманбай, Анащбайдан Оторбай, андан Куланкадыр, андан Айбек, Бактыгул, Акмандын Абышка уулунан Карабек, Кырабек, Майдабек.

Эми сөздү Алдосбайдын Жаныбек уулу жөнүндө козгойлу. Ал токол аялдан төрөлгөн. Алдосбай карып калганда алган жаш аялы эрке болуп калат. Бул эрке токолуна (Жаныбектин апасына) Алдосбай арчадан үкөк чаптырып (тагына), астына кебез (пахта) салдырып, ага ошол токолун жаткырчу экен. Ал токолу эшиктен киргенде оозу менен сөз айтуунун ордуна, буту менен жандап көргөзүп жүрүп, анын бул кылыгы эл ичинде "трай" деп ылакапка айланып, андан төрөлгөн балдарынын аты "трай" деп аталып калыптыр.

Жогоруда айтылган Алдосбайдын Жаныбек уулу ошол токол аялынан төрөлгөн экен. Мындан тарагандар "трай" тукумдары деп айтылат.

## АЙЫМ АПАНЫН БАЯНЫ

Мундуз элинде Айым аттуу эстүү—баштуу акылман аял болуптур. Ал Акмандын уулу Абышканын байбичеси. Айым апа үч бала төрөгөн—Карабек, Кырабек, Майдабек деген. Төртүнчү баласы боюнда бар кезинде, жоокерчилик заманга туура келип, бала боюнан түшүп калган. Карабек, Кырабек, Майдабек тукумдарын жоо басып калаарында, Айым апа, Жоону мен тосом, менин барышыма тосколдук кылбай уруксат кылгыла деген экен. Айым апа беш тоого жангак жүктөтүп, өзүнө жараша жасоолдорду алып, келаткан жоонун алдынан Ферганаты беттеп жөнөгөн. Ал кезде Ферганаты Маргалан деп аташчу. Ошол мезгилде ал жерлерди басып алуута Грециядан келе жаткан Искендер Сурхан деген адам, алдынан келе жаткан аялды көрүп, бир эсе таңыркаптыр, "менин алдыман аял эмес эркек адам чыга алчу эмес эле. Бул адамбы же периби, же бу периханбы" деп айткан экен. Ушул себептен кийин Перихана, кийин Фергана болуп аталып калган имиш деп айтылат, эл ичиндеги санжырада. Ошентип Айым эне алар менен оро—пара келип, жолдорду айтып, ал киши түшкөн издерге түшкөнүн айтып бергенде, Искендер Сурхан ордунан тура калып "Келиниз, аял башыңыз менен неге жоо тостунуз"—деген экен. Бул адам эчкимге минтип ордунан туруп көргөн эмес "Болуптур, жоо тосупсуз, эми сенин колун канча" деп сураптыр, "Мына менин колумду беш төөгө жүктөп келдим. Ошонун эсебинче колум бар"—деп Айым эне жооп бериптир.

Искендердин жасоолдору эки күн жангакты эсептеп, эки төөнүн жүгүн араң эсептеп бүтүшкөндө , Искендердин колу коркконунан четинен сыркоого чалдыгышып, аларды ичөткөк басат. Балким Грециядан келгендерге Ферганаын суусу жакпагандыр. Ошондо алар дарылыкка деп экиден—үчтөн жангак жеп жиберишсе ич оорулары айыгып кетишиптир. Алар жангак жеп сакайган соң, бул жакшы болду го дешип, калган үч төөнүн жангагын эсептебей Грецияга жүктөгөн бойдон алып кеткен экен. Ошондон улам кыргыз жангагы грек жангагы болуп аталып калыптыр. Жыйынтыктап айтканда Айым эненин даанышман акылы

менен жоо кайта кайтарылып, кыргыз журту аман калыптыр. Мына ушинтип аялдардан да жолборс жүрөктүүсү чыккан экен. Анткени менен Айым эне эч жерден жеңилбеген Искендер Сурханды көргөндө чочуп кетип боюндагы баласы чөгүп калган экен. Кайра кайтып келе жатканда Өзбекстандын Мундуз жерине баланы чала төрөп коюп, ошол жерден Айым эне өзү да көз жумуптур. Ал киши өткөн жерди Айымы деп коюптур. Мына ошентип аялдардан да эл коргогон, жер коргоп эл баккандары да болуптур.

Кабанын Акман уулунун Абакан деген баласынын Дүрбөл уулу, Анжыяндык кыпчак Ныязбаатырдын кызы Нарбаланга үйлөнгөн экен. Андан Эсеналы, Бостонаалы, Богонаалы, Бектенаалы жана Кармышаалы деген беш уулду болгон. Биринчи, экинчи, үчүнчү балдарынын лакап атын "эски дүрбөл" дешет. Бектенаалынын уруусун "Бек дүрбөлдөр" дешет. Кармышаалынын уруусун "жаңы дүрбөл" деп айтышат.

Бектаналыдан – Айдаралы, анын баласы Абдывали, андан – Аванкулбек, андан Буланбек. Буланбектин беш уулу болгон. Алар: Жамгырчыхан, Бөкөйхан, Жайчыбек, Тойчубек жана Койчубек дегендер. Биринчи байбичесинен Жамгырчы кан жалгыз болуптур да, ал он алты жыл кандык доорду сүрүп, дүйнөдөн өтүп кеткен. Кийин кандыкты анын иниси Бөкөй деген жүргүзүп, ал, агасы Жамгырчынын уулу Саринжинин аялын алып алат, ушуга байланыштуу тууган ичинде наразы күчөп, Бөкөй тукумдарын Чүй районунун Алчалуу – Кегети деген айылдарына көчүрүп жиберишкен. Бул айылдардагы Мундуздар түбү ошол Бөкөйдөн тарагандар.

Жамгырчынын уулу Саринжи башка аял алып, андан Алыкулбек, Арзыкулбек. Алыкулбектен Мусабек, Исабек деген эки бала болот. Мусабектен – Мамазайырбек, Шаазайырбек. Исабегинен да балдар бар. Шаазайырбектен Абдылдабек, андан Жакыпбек, Жакыпбек мыкты элдик киши болгон. Кашкардын мечитин салдырган. Мамазай – ырбектен Момокалыбек. Бул киши (Момокалыбек) Анжыяндын медресесинде кырк жыл балдар окутуп турган чоң молдо болгон. Момокалыбектин баласы Сатыбалды казы, андан Тургунбай, Тургунбайдан Абрашит.

Кабанын Дашман уулунан – Мамыт, Сайдкан, Камыткан, Мамыттан – Көкчөкөз, Ожурай, Карагул. Мундуздун Зуркай уулунан – Мааничекир, Кожояр, Мааничекирден – Жоолуке, Жоомарт, Жоолукеден – Сейитказы, Эйит, Тейит. Сейитказыдан – Малай, Карадөн, Шооке, Сагынбай. Ал эми

Жоомарттан Көткөр, Куткар. Көткөрдөн – Эдилбай, Токтоной, Байкозу, Карабала. Кожоярдан – Дарга, андан – Бакай, Шукур. Бакайдан – Сырыке, Солтоке. Шүкүрдөн – Ожурай, Шагый.

Мундуздун Зултай уулунан тарагандар Ысык – Көлдүн айланасына, Жумгалга, Кара – Балта жана Кеминдин тегерегине жайгашып калышкан. Мунун себеби турмуштун агымынын өдө – ылдый болушуна байланыштуу болгон болуу керек. Мундуздун Шыгай уулунан тарагандары – Жаны – Жол районунун Мундуз – Сай, Ак – Суу, Ак – Жол, Чаткал өрөөндөрүнө жайгашып калышкан. Мундуздун Калдык уулунан тарагандар Тажикстандын Чисер – Төлян, Саркол өрөөнүндө жайгашып кетишкен. Калдыктын тукумдарынан Тажикстандын Жергетал деген районунда көп. Калдык Жергетал өрөөнүндө жашап жүрүп эки балалуу болот – бири Кара, экинчиси Чабыр деген. Чабыр деген баласын үйлөнтүп жайлантканлан кийин, жоокерчилик күчтүү болуп, кара кытай каптап келип, Калдыктын тукуму турган жерди каптап басып алганда, Калдыктын уулу Чабыр үй – бүлө, бала – чакасын алып Эне – Сайга – Абаканга көчүп кетип калат. Мына ошентип Эне – Сайдагы Мундуздар ушул Калдыктын тукумунан тарагандар деп аталат санжырада. Ал эми Калдыктын Кара деген уулу ошол Жерге – Талдагы тажиктин Тегин деген кызына үйлөнөт, бир эркек балалуу болот, атын Чон – Кыргыз деп коюшат. Бала ойноп жүгүрүп калган кезде Калдык коогаландан алыс бололу дешип, Сары – Кол жакка келип жайлап – кыштап калган болот. Ошоол жерде турган мезгилде үч күн, үч түн күн жаап катуу сел жүрүп, Кара да, анын келинчеги Тегин да ошол селге агып өлүптүр. Мына ошондуктан алар өлгөн жер "Кара – Тегин" деп аталып калыптыр. Каранын баласы Чон – Кыргыз ата – энеси өлгөндөн кийин Чоң атасы Калдыктын колунда калат. Ал чоноюп үйлөнүп – жайлангандан кийин, тукуму өсөт. Мындан тарагандар Тажикстандын Жергетал өрөөнүндө "Кара – Тегинде "Чон Кыргыздар" деп аталат. Кийин мындан тараган айрымдары Чон мундуздар деп аталып кеткен. Экөөнөн тен тарагандар ушул азыр да, ошол Жергетал өрөөнүндө жашып турушат.

Эмки сөзду Мундуздун Өзбек аялынан болгон балдары Замин менен Шердар жөнүндө козгойлу. Бул экөөнүн тукумдары, адегенде Өзбекстандын Жиззак областынын аймагында турган. Бул аймакта Замин деген жердин аты ошол кишинин атынан коюлган. Алардын жайгашкан жери

Жиззак облусунда Самаркан тоолорунда. Кийин мындан Анжияндын Бабыркан каганы чыккан. Бабыркан үркүн убагында Ооганстанга өтөөрдө Баткендин Алтын — Бешик деген тоосунда турушат да, ал жердин жарым эли Бабырканды ээрчип Ооганстандын Кундуз деген шаарына өтүп кетип калышыптыр. Ал эми анын тукумунун тең жарымы Арал денизин бойлоп Кара — Калпак урууларына кошулуп кеткен экен. Мундуздун уйгур аялынан болгон баласы Зулдур деген уулунан тараган тукумдар Кашкар жактагы Чоң — Багыштын балдары менен бирге Кытайдын кол астында жайгашып калган деп айтылат санжырада.

Жогоруда Буланбектин уулу Жамгырчы көп жыл хан болуп, көзү өткөндөн кийин хандыкка анын иниси Бөкөйдүн хан болгондугун жазып, кийин ал (Бөкөй) туутан ичинде наразылашып, Түштүктөн жер которуп Сары — Өзөн — Чүйдүн Алчалуу, Кегети деген жерине келип эл болуп калганы айтылган. Азыр сөздүн тизгинин ушул Бөкөйдөн тараган Мундуздарга буралы. Чүйдүн Алчалуу айылында Бөкөй хандын чөбүрөлөрү Калыгул, Сарпек, Боӧбек дегендерден тараган мундуздар бар.

Калыгулдун Карагулунун (Карачал деп да айтышчу) жалгыз Борончу деген баласы болгон. Борончунун Ыбрайым жана Ысмайыл деген эки уулу болуптур. Борончунун уулу Ысмайыл тубаса төкмө акын, кыргыз эли гана эмес, бүт Орто — Азия, Казакстан элине белгилүү Кадырман жаагы жок ырчы киши болгон. Ысмайылдын Мырзаалы, Зарлык деген эки уулу болгон. Мырзаалыдан — Шамил, Зарлыктан Эмил.

Жыйынтыктап айтканда Мундуздан тарагандар өтө көп. мундуздар кайда жүрбөсүн кайда турбасын, алар жалпы жонунан Баймундуз, Ак үйлүү мундуз деп экиге бөлүнөт.

Баймундузга — Абышка, Алдан, Мышык, Кубат, Эрназарлардан тараган тукумдар:

Ак үйлүү мундузга — Кыйра, Шыдыр, Дарга, Аюк, Көкчөкөз, Дөлбөл, Чартал, Сатыкелерден тараган тукумдар кирет. Булардын өз ара ичинде да Мундуздар бөлүнүп айтылат. Мисалы: Айбаш мундуз, Тозокмундуз, Осурак — мундуз, Кыйрамундуз, Каткормундуз ж. б. ушул сыяктуулар бар. Муну санжыраны жакшы билген мундуз туугандардын аксакалдары жакшы түшүнөт. Мундуздар чачыранды турса да өз ара катнаштарын үзбөгөн, Кыргыздын ынтымагын, биримдигин сактаган эл.


"Эмне үчүн Мундуздар көп жерге тарап кеткен?" деген суроого окурмандар кабталышы мүмкүн. Бул суроого илгертен эл ичинде айтылып калгандыгына байланыштуу санжырачы Тургунбай уулу Абдрашит мындай деп жооп айтат Адигине Тагайдын учурунда Акуул менен Кууулдун ичинен жер – сууну бөлүштүрүүгө Мундузду башчы кылып койгонго ылайыктап Астрахандан окуткан экен. Ал окуп бүтүп келгенден кийин Калмак жайлап турган жерлерди бошотуп, бөлүштүрүү үчүн, Тагайбий Төрт өгүздүн терисин булгаары ийлетип, тегерете аркан сыяктуу кылып тилдирип, тарттырган экен. Мундуз келгенден кийин биздин кыргыздын жеринде Мундуздун буту тийген жердин барын ата – атага болуп бериптир, Мундуз турган жерди баягы өгүздүн тилинген кайышы менен айландырып кеткен экен. Ошондо Тагайбий менен Адигине Мундузга мындай дейт:

Ал жерге барганда жер бөлүштүрүп берип, ошол жердин баарынан бычак учу акыны алып коесун. Ал жерлерге сен өзүңдүн балдарыңды, тукумуңду орнотууга өкүм кыласын деген экен. Кийин Мундуз ушинтип тараптыр ошондон улам "Асманда жылдыз көппү, жер бетинде мундуз көппү?" деп эл ичинде макал айтып калган экен.


КАБЫЛДЫН (КУУ УУЛ) МУНДУЗ УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ




# МУНДУЗДУН ЗУЛУМ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



## АЛДОСБАЙДЫН БООБЕК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## МУНДУЗДУН ЗУРКАН ЖАНА КАЛДЫК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР





## МУНДУЗДУН КАЛДЫК УУЛУНАН




## МУНДУЗ БӨКӨЙДҮН ЧӨБҮРӨСҮ КАЛЫГУЛДАН ТАРАГАНДАР




МУНДУЗ: БОКОЙДУН ЧӨБҮРӨЛӨРҮ САРПЕК, БООБЕКТЕН ТАРАГАНДАР




МУНДУЗ БӨКӨЙДҮН ЧӨБҮРӨЛӨРҮ САТЫБАЛДЫДАН ТАРАГАНДАР




## ҮКҮНҮН КЕНЕБАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР.
(уландысы)





## САТЫБАЛДЫНЫН ИТИЙБАС, ТУГӨЛ УУЛДАРЫНАН ТАРАГАН
(уландысы)




## САТЫБАЛДЫНЫН КЕНЖЕКУЛ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




БӨКӨЙДҮН ЧӨБҮРӨЛӨРҮ КАРА, БОРБУ, САРМАНДАРДАН ТАРАГАНДАР




МУНДУЗ. АЛДОСБАЙДЫН ТУКУМУНАН ТАРАГАНДАР




## АЛДОСБАЙДЫН УЛАНДЫСЫ



## МУНДУЗ БАЗАРКОРГОНДОГУ САРУУ АЙЛЫНДАГЫЛАР



МУНДУЗ БАЗАРКОРГОНДО ЭНГЕЛС КОХОЗУНДА




Бул колхоздо мундуздар көп, аларды изиктөөгө убактым болбоду, кийинки муундар толуктар деген үмүттөмүн.

КЕМИН, КАРАБУЛАК АЙЫЛЫНДАГЫ МУНДУЗДАР



# КЫТАЙ (КУТАЙ) УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Жогоруда, Саруунун таралышында Кабылдан (Куу уул — "сол") Көбөш, ал эми Көбөштүн алты уулу болуп, анын бирөө Жайыл, Жайылдан Каратай, Каранай деген эки бир тууган, анын Каранай уулунан Саруу менен Кытайдын жаралганы айтылган болучу. Азыркы сөздү ушул китайлардын тукумунун таралышы жөнүндү баштоо жөндүүдөй.

Кытай уруусунун таралышын жазуудан мурун, адегенде, "Кытай" деген аттын коюлушу жөнүндө. Эл ичинде айтылган санжырада Каранайдын кичүү баласына Кытай деп ат койулгандыгы жөнүндө көп эле ой—пикирлер айтылат. Анын баардыгына токтолуп отуррбай, эки варянтын көрөлү. Анын бири жогоруда Саруу уруусунун таралышында Жайылдын Каранай уулунан Саруу менен Кытай бир тууган. Каранай жортуулда жүрүп Кытайдан көп сандаган жылкы айдап келген түнү боюнда бар аялы көз жаргандыгына байланыштуу, эккек балага атты Кытай деп коюшкандыгын айтылган. Бул бир. Бута кошумча, бул жерде экинчи бир варянтты кошуп айтуу зарыл. Каранайдын бул уулунун аты Кытай эмес, Кутай деп да айтылат санжырада. Анткени, илгерки жүргөн айрым жортуулдун убагындабы, же Калмактар — Кытайлар менен кагылышуунун мезгилин деби, Кытай тараптан көп сандаган жылкы олжого түшүп, аны Каранай баш болуп айдап келет. Мина ушул күндү үйгө, элге "кут" түштү деп айтышкан. Ошол эле түнү Каранайдын кош бойлуу аялы көз жарып, эркек балалуу болгон. Ал төрөлгөн балага атты Кутай деп коюшкан.Анткени ошол түнү айылга олжого көп жылкы түшүп, аны "Кут" түштү деп айтышканына байланыштуу балага Кутай деп ат коюшкан деп да айтылат. Жок, баланын анесинин аты Кутай экен, ошондон улам Кутай деп айтылып калыптыр деп да айтылат санжырада. Жайынтыктап айтканда Каранайдын бул уулунун, эл ичинде айтылган эки аты бар: Кытай жана Кутай деген. Кытай уруусу Кыргыздын санжырасынын "сол" кататына таандык, же болбосо Долон бийдин Кабыл (*Куу уул*) уулунан тарайт. Тагыраак айтканда — Долон, андан Кабыл, Кабылдан — Көбөш. Ал эми Көбөштүн алты уулу болгон (Босого, Жайыл, Кандабас, Асыгалы, Кара, Кулунчак дегендер). Жайылдан Каранай, Каранайдан Кытай (*Кутай*)

эси жок тууганына карап... "Ээй арам, сен эл бийлеп, эл башкаргандан мурун а дегенде өз үй—бүлөөнду бийлеп ал, андан кийин өз агайын—тууганыңды бил. Ошондо калган эл өзүнөн—өзү сага келет" деп сөзгө жыккан экен. Дагы бир мисал. Турмушта эл ичинде, айыл ичинде суу талашып жер талашып чабыша кетмейлер көп болот. Илгери Боронбайдын айылында ошондой бир чатак чыгып, акылсыз бирөө Боронбайга келип, "бирөөнү жыга чаптым" деген экен. Кында Боронбай ал акылсыз көйрөнгө карап туруп "кудай томаар уулга кумгандай жүрөк берет" деп какшыктап айткан бален.
тамгатаке баатырдын Абылай деген уулунун тогуз баласы экинчитур. Ошонун Адыл деген уулунун небереси Тагай санына, үй менен Тентуш, курбу курдаш экен. Экөө тен улам жогорбири кем калышпаган сөзмөр, чечен курбу экиге бөлүнүп үчүн Тагай бир күнү жакшы тилек менен Төнтөгөр менен кылып бир топ жолдошторун чакыртып Төмөнкү тамга Кыта[illegible] батасын алгысы келет. Мал союп, сый тукумдар айтылат. [illegible]де Боронбай Тагайга:
Кытай уруусу бир топ эл. Ж[illegible]
уругун чечмелеген кай бир ка[illegible]" деп бата берген экен.
кытайлар Жалал—Абад тарапта му[illegible] Тагай өз ичинде бул
Манастын убагында жарымы Таласка [illegible]
айтылат. Кийин булар Таластан түш тарапка бөлүн[illegible]
баштаган. Качууга себептер уруулук жана элдер ортосундагы чабышта адам өлтүрүүлөр болгон.

Кытай уруусунун эл башкарган акылман, эстүү адамдары болгон. Кыйыр уругунан чыккан хан Каработо, Байгана уругунан чыккан Жайылдын уулу Боронбай дегендер элин ынтымакка бириктирип, душмандан коргоп, ар—намыс үчүн күрөшкөн кишилер болгон. Кийин бул элден Кыргыз элине гана эмес, бүт дүйнөгө таанымал акылман жазуучу Айтмат уулу Чынгыз, Шүкүрбек улу Райкан дегендер чыккан.

## ЧҮЙ РАЙОНУ, КАРОЙ ЖАНА САЙЛЫК АЙЫЛЫНДАГЫ КЫТАЙЛАР

Чүй районунда Карой деген айылда Байгана, Мамат, Токтош жана Курманбай, Курман дегенден тараган Кытай уруусу бар. Белгисиз себептер менен, а дегенде Таластан Мамат менен Токтош келип, Чүй бооруна Кызыл—Суудагы Атаке элине келип токтойт, ал жерден экөө тен үйлөнүп

# КЫТАЙ (КУТАЙ) УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Жогоруда, Саруунун таралышында Кабылдан (Куу уул – "сол") Көбөш, ал эми Көбөштүн алты уулу болуп, анын бирөө Жайыл, Жайылдан Каратай, Каранай деген эки бир туутан, анын Каранай уулунан Саруу менен Кытайдын жаралганы айтылган болучу. Азыркы сөздү ушул китайлардын тукумунун таралышы жөнүндү башто[illegible] жөндүүдөй.

Кытай уруусунун таралышын жазуудан мурун, адеген "Кытай" деген аттын коюлушу жөнүндө. Эл ичинде айты[illegible]ан)
санжырада Каранайдын кичүү баласына Кытай [illegible]тысы
койулгандыгы жөнүндө көп эле ой–пикирлер [illegible]уптур.
Анын баардыгына токтолуп отуррбай, эки вариянт[illegible]ар болсо,
Анын бири жогоруда Саруу уруусунун [illegible]ны Шабдан
Жайылдын Каранай уулунан Саруу ме[illegible]зү менен кошо
туутан. Каранай жортуулда жүрүп Ку[illegible]рын бүтүрчү экен,
жылкы айдап келген түнү боюнда б[illegible]у–баштуу кишилерди
байланыштуу, эккек балага ат[illegible]ыштуу иштерди бүтүрүүчү
айтылган. Бул бир. Бута[illegible]санжырада эл ичинде айтылган
вариянтты кошуп а[illegible]алдарды көрөлү: Өткөн бир мезгилде
аты Кытай эмес[illegible] менен Тынай элинин ортосунда кун
илгер[illegible]болот. Бул иш эки элдин ортосунда бир топко
[illegible]ийн бүтпөй соззулгандан кийин, эл Шабдан баатырга кайрылганда, Шабдан Боронбайды чакыртып ээрчитип алып барган экен. Ошондо Боронбай Көлдүктөрдү сөзгө жыгып, күн бербей эки элдин ортосундагы чыр–чатак тынычтык жолу менен бүткөн. Ошол кызматы үчүн, Шабдан баатыр, Боронбайга Төкөман деген сулуу кызды аялдыкка алып берген экен. Бергенде да, кадимкидей кыргыздын салты менен кызз оюнун өткөрүп, жөнөткөндө окшош кара кашка аргымак аттарга драшманканы (*солкулдак жеңил араба*) коштуруп, ошого кыз–күйө–Боронбай менен Төкөман энени отургузуп, Шаан – Шөөкөт менен алып келгендигин бүгүнкү күнгө чейин эл ичинде айтылат. Боронбайдын ошол Төкөман аялынан Ашырбек деген бир бала төрөлгөн. Ал, эл коргоп фронтто (1941–1945 ж.) каза болгон, андан тукум жок. Боронбайдын сөзмөр, акылмандыгына бир далил: турмушта белгилүү, эл башкаруу колунан келбесе да, мен эл бийлейм, эл башкарам "деген көөдөнүн көккө көтөргөн көйрөңдөр көп да. Бир учурда Боронбайдын туугандарынан бирөө көөдөнүн көккө көтөрүп, "мен эл башкарам, эл бийлейм" деп ээликкен окшойт. Ошондо Боронбай жанагы

эси жок тууганына карап... "Эй арам, сен эл бийлеп, эл башкаргандан мурун а дегенде өз үй—бүлөөңдү бийлеп ал, андан кийин өз агайын—тууганыңды бил. Ошондо калган эл өзүнөн—өзү сага келет" деп сөзгө жыккан экен. Дагы бир мисал. Турмушта эл ичинде, айыл ичинде суу талашып жер талашып чабыша кетмейлер көп болот. Илгери Боронбайдын айылында ошондой бир чатак чыгып, акылсыз бирөө Боронбайга келип, "бирөөнү жыга чаптым" деген экен. Анда Боронбай ал акылсыз көйрөңгө карап туруп "кудай ураар уулга кумгандай жүрөк берет" деп какшыктап айткан экен.

Атаке баатырдын Абылай деген уулунун тогуз баласы болуптур. Ошонун Адыл деген уулунун небереси Тагай Боронбай менен Тентуш, курбу курдаш экен. Экөө тең биринен бири кем калышпаган сөзмөр, чечен курбу болгондон кийин Тагай бир күнү жакшы тилек менен Боронбайды баш кылып бир топ жолдошторун чакыртып тамак берип алардын батасын алгысы келет. Мал союп, сый тамак, берип, бата тилегенде Боронбай Тагайга:

"Жылың тумандуу болсун,
Элиң тумоолуу болсун, аллоо акбар" деп бата берген экен.

Боронбайдын бул батасы кандай деп Тагай өз ичинде бул батага күмөндөр болуп калат.


Кийин эл жайлоого чыкканда Боронбай Тагайды баш кылып бир топ аттуу—баштууларды чакыртып тамак берет. Ошол конокто олтурганда Тагай Боронбайга карап: "өгүнү элден жакшы бата алайын деп чакырсам сен мени карган бата бердиң" деген тарынчы сөзүн айткан. Анда Боронбай Тагайдын бул сөзүнө жооп кылып, "жылың тумандуу болсо кышың жылуу болот, малың семиз чыгат. Элиң тумоолуу болсо чүчкүрүп—бышкырып оору жеңил болуп айыгып кетет, мунун эмнеси жаман" деген экен. Кыскасы Жантайдын уулу Боронбай сөздү таман алдынан чукугандай тапкан сөзмөр, акылман элдик киши болуптур. Тарыхчы, санжырачы Сыдык уулу Осмоналынын жазып кеткенинде, Боронбай, Бишкек үйөзүндө Шамшыэлинин атактуу адамынан болуп саналган. Ушул азыр да Чүй районунун Карой айылында жашагандардын көпчүлүгү Боронбайдын чоң абасы Байганадан тарагандар. Байгенанын эки уулу болгон. Бири—Элчибай, Экинчиси—Үмөт. (*Үмөттү—Карачелек деп айтышат, анткени бала кезинде колуна кичине кара челекти кармап алып, аны колунан түшүрбөй ойноп берчү экен. Ошондон улам Үмөттүн экинчи аты Карачелек деп айтылып*

*калган*). Байгананын Элчибай уулунун үч баласы болгон. Алар: — Назарбек, Базар, Эрназар.

## КЕМИН РАЙОНУНДАГЫ КЫТАЙЛАР

Кемин районунун Кызыл — Суу айылында да кытай уруусу бар. Булардын чоң аталары илгери — илгери Талас жактан келип, Тынайдин уулу Атаке баатырдын элине келип эл болуп туруп калыптыр. Бул айылдагы Кытай уруусунун түпкүаталарын тактаодо 1992 — жылы 76 жаштагы Султаналынын уулу Сабыралы деген карыянын айтканы бул болду. "Алты атамды гана билем, андан аркысын биле албайм" — деп ыймандай сырын айтты. Алтынчы чоң атасы Торутай. Торутайдан жалгыз — Жалгамыш төрөлүптүр. Жалгамыштын төрт уулу болуптур. Алар: Качыбек, Качы, Калчекен, Бороке дегендер. Булардан тышкары Кемин районунун айрым айылдарында кытай уруусунан тарагандар бар. Кемин (Быстровка), Боролдой айылдарында Супатайдын тукумдары жашайт Супатайдын чоң аталары кыргызда атактуу санжырачы болгон экен. Бул кесип алардын укум — тукумуна уланган. Супатайдын уулу Аман (1993 — жылга 85 жашта) кыргызда атактуу санжырачы. 1990 — жылы октябрь айында Ысык — Көлдүн Шалба айылында болуп өткөн Кыргызстан боюнча санжырачылардын жыйынында (200 дөй киши катышкан) Аман Супатай уулу экинчи орунду ээлеген.


## ЧҮЙ, КАРОЙ АЙЫЛЫНДАГЫ КЫТАЙЛАР




## КАРОЙ АЙЫЛЫ (*КЫТАЙ*) ЭЛЧИБАЙДЫН УЛАНДЫСЫ




## ЭЛЧИБАЙДЫН НАЗАРБЕГИНЕН ТАРАГАНДАР




## ТОКСАБАНЫН БАБА УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## ЭЛЧИБАЙДЫН НАЗАРБЕК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## БАЙГАНАНЫН УМӨТ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## ҮМӨТТҮН УЛАНДЫСЫ





ТОКТОШТОН ТАРАГАНДАР
Кожомжар
Жаманкул
Казыбай
Тулоберди
Байтоло
Эгиз
Ыманалы
Осмон
Бакеш
Султан
Жумакадыр
Алмалы
Жийдалы
Тутой
Шааболот
Жуман
Алал
Осмон
Сулайман
Бекмурат
Таалай
Алтынбек
Калмырза
Кыдыш
Жумаш
Кенебай
Бошкул
Орозалы
Таалай
Марс
Шакен
Айтак
Ырысменде
Токсонбай
Абдылда
Бектурган
Тологон
Жолдош
Болот
Осмон
Токон
Дуйшо
Абдраш


## МАМАТ, КУРМАН, КУРМАНБАЙДАН ТАРАГАНДАР



## ЧҮЙ, САЙЛЫК АЙЛЫНДАГЫ КЫТАЙ УРУУСУ



## КЕМИН КЫЗЫЛ – СУУ АЙЛЫНДАГЫ КЫТАЙЛАР



## ЖЕТИГЕН УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Ата–бабадан бери айтылып келе жаткан санжырада, Жетиген кыргыздын сол канатына кирет. Башка уруулар сыяктуу эле жетиген уруусунун таралышы жөнүндө да эл ичинде бир нече варианттар айтылат. Бул варианттардын биринде Жетиген Кушчуга тууган болуп байкалса, экинчи бир вариантта саяктарга тууган экендиги байкалат. Баардыгына токтолуп олтурбай үч вариантын байкоо зарыл: Биринчи – илгери уйгур элинен бир бакшы думана чыгат. Ал бул дүйнөнүн жашоосунан жадап, кудайы жолуна өтүп эл кыдырып кетет. Ошентип жүрг... дө ага бир перинин кызы ашык болуп калат да, экөө кошулуп балалуу болушат. Бирок думана токтобой жер кыдырып, эл кыдырып кете берет. Ошол мезгилде перинин кызы эркек уул төрөп, баласын талаада эки эчкисин багып жүргөн Кушчуга (*Кутчуга*) "Ме бала кылып ал" деп берет. Кушчу баланы алып, "Кайдан келе жаткан кызсың" деп сураса кыз "жетигенттен келе жатам" дептир. "Гент" деген сөз түркчө – шаар дегенди түшүндүрөт экен. Ташкент, Жа... ент, Баткент, Чымкент ж.б. ушул сыяктуу жети шаарды аралап кележатам дегенди туюндурат. Кушчу кудайдан болду деп, сүйүнүп, үйүнө келип, байбичесине: "бир эчки ушул баланы тууп койду" деп, сүйүнгөндүктөн түлөө кылып, баланын атын Эдиге деп коюшат. Бирок, кийин болбой эле баланын эдиге аты калып, Жетиген аталып кетиптир. Мына ушуга байланыштуу, айрым санжырачылар, Кушчу менен Жетиген бир тууган, экөө тең Караталдын баласы дешет. Экинчи: Эдиге (*Жетиген*) жети жашка чыкканда жоголуп кетет, аны издебеген жер калбайт. Кийин он төрт жашка чыкканда, кудайдан болуп, келип калат. Кайда жүрдүн десе "Асманда, жетиген жылдызында жүрдүм" дептир. Мына ошондуктан "Жетиген" аталган дешет айрым санжырачылар.

Үчүнчү: Илгери бир адам эл кыдырып жүрүп келип калат. "Кайдан келе жатасыз?" десе, "Жетикенттен келе жатам" деген экен. Башкача айтканда Ташкент, Чымкент, Мангент, Мамат, Карабулак, Сайрам, Карамурат деген жети шаарды аралап келе жаткан адам болот. Ал кишинин чыныгы аты Молдо Ыбрайым экен. Бул киши молдо болгондон кийин, ошол эл ичинде молдолук кесибин кылып жүрүп, үйлөнүп туруп калат. Мына ушул кишиден (Молдо Ыбрайымдан) Кушчу, Жетиген, Тобой, Кытай уруулары тараган деп да айтылат санжырада. Ал эми молдо Ыбрайым ким? Мунун

түбү саяк уруусуна кошулат. Ал мындай: Илгери саяктардын жортуулчу баатыры Байболот жортуулдук кылып жүрүп, ичкерки шаарда окуп жүргөн бир баланы алагачып алып келген имиш. Ал бала чоңоюп, элге намаз окутуп, молдолук кесип кылат. Баланын бир көзү карек экен, ошондуктан анын атын Эл Эшен Карек коюшкан. Бул киши катын алып төрт балалуу болот: Шакир, Жусуп, Ыбрайым, Сыдык деген. Эшен Карек балдарынын баарын окутуп молдо кылган. Жогоруда айтылган Молдо Ыбрайым мына ушул эшен Карек молдонун баласы. Санжырада Молдо Шакирден тарагандар кыргыздын Саяк уруусуна кошулат, ал эми Жусуп молдо Кашкарга ооп кетип, анын тукуму ошол жакта эл болуп кеткен. Сыдык молдо болсо Чымкент, Сайрам жакка кетип, "Кызыл бөрүк" атыгып казактардын арасына эл болуп кеткен. Ал эми Молдо Ыбрайм болсо Таласта Кушчунун арасында болуп, жети уулдуу болот. Алар ар-бири өзүнчө бирден өнөрдүн ээси болушкан. Бир уулу—тегирменчи, экинчи уулу—жүгөн өрчү, үчүнчү уулу—мергенчи, төртүнчү уулу—уста дүкөн курчу, бешинчи уулу—отун алчу, алтынчысы—коргошун куйчу, жетинчисинин аты бөкөнчү экен. Мына ушул кесиптен жетоо тең "Кенчи" деп айтылып калган, башкача айтканда жетикенчи. Мына ушундан улам булардан тараган тукумдар жетиген уруусу деп аталып калган дешет. Төртүнчүсү: Жетигендин бир уулу көзү ачык, оокаты начар адам болгон экен. Эл ичинде айтылган санжырага караганда, ал жегигенге асмандан бир короодой кой түшкон дешет. Ал мындай болуптур: Бир күнү ал жетигендин музоолуу уюю жоголуп кетет. Ошол уй музоосун издеп жүрүп, чарчаганда талаага уктап калат. Ошол уктап жатканда анын түшүнө аян берип, көзүнө бир аксакал абышка көрүнөт да, ал айтат: "Сен үйүнө бар, уюн үйүнө, келген", бир кой союп түлөө өткөз, сага асмандан (*жетигенден*) кой түшөт, ал койлорду кармоо үчүн короо сал" дейт да, көздөн кайым болот. Ал уйкудан ойгонуп, үйүнө барат, сырын эч кимге айтпайт. Кемпири да билбейт. Бир кой союп түлөө өткөрөт. Эртеси үйүнүн жанына таш короо жасайт. Ошол түнүндө анын короосуна асмандан (жетигенден) бир короодой кой түшкөн экен. Ошондуктан мындан тараган тукумдар жетиген деп аталып калган дешет.


Эл оозу элек дегендей, Жетиген уруусу жөнүндө, санжырачылардын арасында, мына ушундай ойлор айтылып жүрөт. Мунусу туура, тигиниси туура эмес деп айтуу кыйын.

Мына ошентип, жыйынтыктап айтканда, Жетиген


уруусунун түпкү атасы (*Караталдан*) кийинкиси Молдо Ыбрайым экендиги сезилип турат. Мына ушундан тараган Тукумдар Жетиген уруусу болуп кеткен. Бир жагынан ойлонуштурганда Жетигендер Саяк уруусуна жакындашып да кетет. Ошентип Жетигендин түпкү атасы Кабыл, анда Жыйыл, андан Каратал, андан – Молдо Ыбрайым. Молдо Ыбрайымдан – Нусуп, Дуулат.

Жогоруда Нусуптун Карамоюн жана Сарымоюн деген эки баласы айтылды Эмне үчүн Карамоюн, Сарымоюн деп аталган. Ал мындай: Илгери, Нусуптун Кыргы деген уулу эки балалуу болот. Бир баласына тон тигип бергенде жакасына кара козунун көрпөсүн жака кылып, экинчи баласынын тонуна сары көрпөдөн жака тигип берет. Ошондуктам бул балдардын өз аты калып эле Карамоюн, Сарымоюн деп аталып калат. Мына ушуга байланыштуу, жалпы жонунан Жетигендер Карамоюн жетиген, Сарымоюн жетиген деп экиге бөлүнүп айтылып калган. Дербиштен тарагандар Карамоюн жетигендерге кошулат.


# ЖЕТИГЕН УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ




## ЖЕТИГЕН. ДЕРБИШТИН ЖАКШЫЛЫК, САРТБАЛА УУЛДАРЫНАН
(Карамоюн жетигендер)





### Ак–Бешим айылы:




## ЖЕТИГЕНДИН ТАРАЛЫШЫ – СХЕМА МЕНЕН
(Сары моюн жетигендер)





Жилдан
Кентбай
Кендирбай
Акмат
Асанкул
Асеназлы
Жылкыбай
Мансат
Орозбай
Орозалы
Жапаркул
Апыркул
Мырзагул
Омурбек
Майрамбек
Муратбек
Туратбек
Турусбек
Турдубек
Адилет
Калыбек
Каныбек
Хусайин
Урмат
Стам
Анарбек
Самарбек
Самат
Марат
Тайлуу
Жолдош
Кубат
Эрнис
Шайлоо
Искен
Иагилик
Абас
Нурлан


## ЖЕТИГЕНДИН УЛАНДЫСЫ: (ДУУЛАТ)




# ЖЕТИГЕНДИН УЛАНДЫСЫ: (ДУУЛАТ)




## ЖЕТИГЕНДИН УЛАНДЫСЫ (ДАРМА)




ЖЕТИГЕНДИН УЛАНДЫСЫ: (ДУУЛАТ)



## ЖЕТИГЕНДИН УЛАНДЫСЫ: (ТУАЙТ)




## АБЫШТЫН КУБАТ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




## БАСЫЗ УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ




## БАСЫЗДЫН (ТЕНТЕК АКМАТТЫН) НЕГИЗГИ УРУКТАРЫ.



## БАСЫЗДЫН ТООКЕ ТУКУМУНАН ТАРАГАНДАР
(Өзгөн р–н, Кызыл–Тоо).




## ТООКЕНИН АЙДАРАЛЫ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР




ЧЕГИРБАЙДЫН (КАРА) КОЖОЯР ЖАНА ОРОЗ УУЛУНАН




ЧЕГИРБАЙДЫН (КАРА) ТОКТОБАЙЫНАН




## СУЗАК РАЙОНУ, САТЫ АЙЫЛЫНДАГЫ БАСЫЗДАР




КЕМИН РАЙОНУ, ЧЫМКОРГОНДОГУ БАСЫЗДАР.
БУЛ ЖЕРДЕГИ БАСЫЗДАР ЧОН БАСЫЗ ЖАНА КИЧИ БАСЫЗ ДЕП ЭКИГЕ БӨЛҮНӨТ




## БАСЫЗ БЕКБОТОДОН ТАРАГАНДАР



## ЧҮЙДҮН БУРАНА АЙЫЛЫНДАГЫ БАСЫЗДАР



БАСЫЗДЫН КЫЛЫЧТАМГА УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



# ТӨБӨЙ УРУУСУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Кыргыздын санжырасында Төбөй уруусу "сол" канатка кирет. Жогоруда Басыз уруусунун таралышын Куланса–рыктан Басиз менен Төбөй деп көрсөтүлгөн: Кыргыздын сол канатынын урууларынын ичинен Төбөйлөр өтө аз санда кездешет, алар Кыргызстандын көп жерлеринде майда топ болуп жашайт. Мисалы Төбөйлөр Нарын обласынын Куланак, Жалгыз–Терек, Эмгек–Талаа айылдарында, Ат–Башы районунун айрым айылдарында, Ысык–Көлдүн Каракол аймактарында, Кемин районунун Кемин, Чымкоргон айылында, Сокулуктун Орто–Башы, Белогорка, Жыламыш айылдарында, Ысык–Ата районунун Кен–Булун, Ивановка айылында, Чүй районунун айрым айылдарында жашашат. Ал эми Төбөйлөрдүн көпчүлүгү Таласта 400 түтүндөй эл бар дешет санжырачылардын сөзүндө.

Төбөйлөрдүн айрым аксакалдарынын сөзүнө караганда, Төбөйлөр өтө жоокер эл болушуптур. Кимдин бийлиги күчтүү болсо ошол уруута жамынып алып жоокерлик кылып оокат кылышчу экен. Төбөйдөн, негизги уруулар деп Колдо, Карабаш, Мурат, Кызыл–Тебетей, Куртка, Чалай, Соронбай, Саты, Чоко, Моюн (*моют деп да айтылат*), Сарыкүчүк, Чоң Төбөй деген уруктар айтылат. Булардан тараган майда уруктар: –Каратермечик, Сарытермечик, Сарттар, Кызыл–Курт, Бештаз, Жыланачкара, Токсумак жана башкалар айтылат. Мисалы: Колдонун тукумдары Тянь–Шандын Жалгыз–Терек, эмгек–Талаа айылында Аалы, Акматбайлардын тукумдары, Мураттан Бекмырзанын тукумдары, Карабаштан–Өмүркул, анын уулу Айныкенин тукумдары, Чалайлардан–Молдалы, анын уулу Нарынбек, Карабектердин тукумдары жана башкалар жашайт. Нарында Төбөй Сарыктын уулу Качыбек жана анын урук–тууганДары жашайт.

Чүйдун Кен–Булуң менен Кегети айылында Төбөйдүн Чоко уругунан тарагандар бар. Алар Өмүралы, Жоошбай, Токо, Молдобай, дегендер. Куртка тукумунан тарагандар негизинен Нарын жатка, айрыкча Куланакта жашайт. Ушул эле Куртканын тукумунан, илгери жекжааттык байланыш менен ооп келип, Чүйдүн Кемин районундагы Чымкоргон айылына келип туруп калган Төбөйлөр бар. Аксакалдарынын айтууна караганда булардын санжырасы мындай деп айтылат: Төбөй жана Куртка. Куркадан–Чырмал, андан Калматай, мындан Жыланачкара. Жыланачкаранын Колдо, Мурат,

Чалай, Көтөй деген төрт уулу болуптур. Ал эми Колдодон Чоко, андан Кенже деп айтышат. Ушул эле Кенженин Сооронбай, Баймөнкө деген эки уулу болгон. Сооронбайдан — Жусуп. Жусуптун Токсумак жана Көчөрбай деген эки уулу болгон. Мына ушул Токсумактан тарагандар Чымкоргондо эл болуп калган. Булардын Абдраман деген мыктысы болуп, көп жылдар бою эл башкарган. Көчөрбайдан жалгыз Ысман. Токсумактын алты уулу болгон. Алар: Карагул, Сарыгул, Абдраман, Жаманкул, Абдымомун, Тургунбай. Ал эми Карагулдан — Асек, Шаршен, Курманбек. Сарыгулдан — Шамшыбек, Эмилбек деген эки бир тууган. Абдрамандан — Бекил, Темирбек, Мурат жана Акылбек, Абдрамандын Бекил уулунан Жумабек, Алмас, Самий. Темирбегинен — Нурбек, Кубанбек, Эрмек. Муратынан — Кубанычбек. Токсумактын Жаманкулунан Октябрь, Акматбек деген эки бир тууган. Абдымомундан Болот жана Жолдош. Мунун Болотунан Нурлан, Жолдошунан — Акбар.

Кенженин Баймөнкө уулунун үч аялы болуптур. Биринчи аялынан — Чолпонбай, Аалыке. Экинчи аялынан Эркинбай, Жолбун. Үчүнчү аялынан жалгыз Дүйшөналы болгон. Эми Чолпонбайдан — Айдаке, Эркинбайдан Өмүр. Өмүрдүн эки аялы болуп, биринчисинен — Сулайман, экинчисинен — Сайдылда.

Төбөйлөр жөнүндө Тоголок Молдо мындай дейт:

"Керкитамга Басыздар,
Кылычтамга Камандар.
Таластагы Кытайлар,
Кыйла жерге тараган.
Көкчө көз бар, Төбөй бар,
Эчендерге бөлүнөт.
Чачкын болуп ар жерде,
Тарап кеткен көрүнөт.

Төбөйдүн калган уруктарын кийинки Санжырачылар толуктаар.

## ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫНЫН ТАРАЛЫШЫ

Санжырада, Кыргыз — Ак уул, Куу уул, Кызыл уул деп үчкө бөлүнүп айтылат. Мына ушул кызыл уулдан тарагандар эл ичинде кийинки доорлордо ичкиликтер деп айтылып калган. Мунун себеби, Ак уул менен Куу уулдан тарагандар

малдуу келип, көбүнчө тоо жамааттарда көчүп – конуп жүрүшкөн. Ошондуктан булар өздөрүн сыртта жүргөндөр – бүз деп сезишип, ал эми көчүп тоо аралап жайлоолоп жүрүүгө шарты болбой талаада, түз жерлерде, калаанын (*шаарчалардын*) айланасында жашап калгандарды, алар (*тоо жакта жүргөндөр*), ичкиликтер деп айтышчу экен. Мына ушундан улам Кызыл уулдан тарагандар ичкиликтер деп айтылып калган, ичкилик деген сөз мына ушундан келип чыккан.

Ичкиликтердин эң түпкү атасы Салбасбий Булгачы деп айтылат. *Мына ушундан тарагандар Найман Тейит, Дөөлөс (Төөлөс деп да айтылат), (Канды) (канды),* Бостон, Нойгут, Кыпчак, Кыдырша, Ават, Мөнкө, Карасаадак, Оргу, Жоокесек уруулары деп айтылат. Ичкилик урууларына биз көз чаптырып көрсөк, булар эң байыркы кыргыздардын уруулары деп түшүнсөк болот. Булардын айрымдары өткөн бир кылымдарда, доорлордо өзүнчө өмүр сүргөн чоң элдин бөлүндүсү болуп келишкендиги толук ыктымал. Булардын айрымдары өзүнчө эл болуп жүргөн түрк уруулары болгон. Адам баласынын башынан өткөн тарыхын биз билебиз, кээде чоң согуштар, кыргын – сүргүндөр болгондо, айрым гана адамды эмес, бүтүндөй бир элди, урууну жоготуп жиберет. Натыйжада майда эл көбөйүп чоң эл болот, чоң эл талкаланып майда эл урук, урууларга айланып калышы мүмкүн. Азыркы кыргыз элинде айтылып жүргөн ичкилик урууларынын майдаланып кетиши мына ушундай себептер менен болгондугун болжолдоого болот. Булар Ак уулдан Куу уулдан тараган кыргыздарга бирдей (*барабар, тең*) туугандар болуп саналат. Ичкилик уруулары көбүнчө кыргыздын түштүк жагынан орун алышкан. Башкача айтканда Өзгөн районундагы Кара – Кулжа дарыясынан тартып, Аму дарыяга чейинки жерлерде жайгашкан. Демек Өзбекстандын Фергана өрөөнүнүн көп райондорунда ичкилик уруулары бар. Ал тургай ичкиликтер Тажиксатандын Мургаб, Талду – Суу райондорунда жана Оогонстанда да жайгашкан.

Жогоруда айтылган ичкилик уруулары өз ара өсүп – өнүгүшүп бир нече майда уруктарга бөлүнүшкөн. Мисалы: НАЙМАН УРУУСУ: Байбол, Жанбол, Кудайменде, Үркүнчү, Босторгой, Тентек, Каранайман, Сарыбай (*Саманчыбай*), *Сарыкулак, Бөө, Туума, Кандыке, Боткочу, Боз, Көкө (Көнөкбай)*, Кожо жана Бобуй деген уруктарга бөлүнүп айты лат. ТЕЙИТ УРУУСУ: Кызылбаш, Галча, Байтейит,

Кочкортейит, Каратейит, Чапантейит, Арыктейит, Сарытейит, Кесектейит, Чалтейит, Нарус, Зарип жана Кызылбай деген уруктарга бөлүнөт. Тейиттер Ош жакта, Тажиктин Мургаб районунда, Ысык – Көлдүн Чычкан деген айылында жана Оогастанда бар. КАНДЫ УРУУСУ: Караканды, Сарыканды, Каранай, Алашан, Чок ака, Оproктамга, Үчөктамга, Уманканды, Туркмөн, Уйгурбулга, Шаран, Габа, Кубат, Акколу, Турсун, Рысмат, Акташсолы, Байчакашка, Моробко, Устакочкор, Алдайыр, Батай, Молоташ, Алдаш, Калмак, Калжыяр, Кудайменде, Кудайберди, Тотукуш, Бөрүичкилик, Тотомат деген уруктарга бөлүнөт. БОСТОН УРУУСУ: Бостондон тарагандарды Бозала Бостон уруусу деп айтылат санжырада. Бостондон Бозбала, Жазар (*Аваз*), Ботманке, Баймат, Сарыкенже уруктары бөлүнөт. Бозбаладан – Олжобай, Кенжебайлар. ЖООКЕСЕК УРУУСУНАН: Санжырада кесектен тарагандарды алты ата жоокесек деп коет. Жоокесектен – Кызыл – Аяк, Ушкары, Мотой (*Можой*), Султансары, Бууракан, Ямарбай, Кулкай, Байсекел, Сарыүсен, Бөлөксары, Кара – молдо, Чуулдак, Сибирге, Келдер, Чапкылдак, Канды, Чүчүк, Бөксө, Тагайберди деген уруктар бөлүнөт. Султан Сарыдан Термик, Битак, Ялгисчек деген үч бир тууган. Жоокесектин Буураканынан – Жору, Булатай, Календер, Ямарбайынан – Жиберди, Сазан, Талак жана Акбай. Кулкайынан – Маматак, Балчы, Кожомкул жана Челек деген төрт бир тууган. НОЙГУТ УРУУСУНАН: Сака, Чинатан, Гадай, Найман Манаш, Карачочой, Бөжөй, Шага, Черчи, Акназар, Муканай, Чардагай, Логман, Карамоюн уруктары тарайт. Ал эми Нойгуттун Сака уулунан – Доймончи, Карадагай, Шагатейит, Гайчи, Гадай уулунан – Найман, Жабай, Тулуке, Акназар уулунан – Адык, Сапы, Карачочой уулунан – Таз, Боджай деген эки бир тууган. Нойгуттар көпчүлүгүндө кыргыздын түштүк тарабында – Баткен районунда, Жумгалдын Ак – Татыр айылында, Ысык – Көлдөн Ново – Вознесенский, Чындан айылында бар, булар "ойгутбуз" деп айтышат. АВАТ (*Абаат*) уруусу: – Токмок, Гуджен, Жой, Эшкара, Чолой, Кыдыршаа, Могол, Уста, Алатакы, Бөтөнканат, Адалапы, боток деген уруктарга бөлүнөт. Аваттын Чолой уулунан – Момош. Боток уулунан Жапай, андан – Чат, Тайтак деген эки бир тууган. Токмок уулунан Ашыр, Көчөк.

Жой уулунан — Чичав, Мамар, Байсары жана Бакы деген төрт бир тууган. Гуджен уулунан — Казыбек, Жарыбек. Могол уулунан Дүйшөбай, Төлөкбай. Уста уулунан — Монко, Инга, Момун жана Кулак деген төрт бир тууган. Булардын көпчүлүгү кыргыздын түштүк жагында жана Өзбекстандын Фергана аймагынын айрым райондорунда бар.

КЫПЧАК УРУУСУ: — Жогору жакта көрсөтүлгөн ичкилик урууларынын ичинен Кыпчак уруусунан тарагандар бир кыйла көп эл. Булардын көпчүлүгү Кыргызстандын Түштүк жагында: — Карасуу, Сузак, Ленин, Базаркоргон, Араван, Лейлек, Өзгөн райондорунда жашайт. Ошондой эле кыпчактар Чүй боорундагы Аламүдүн районунун Орок, Чоң — Арык, Терек, Төш булу жана Ак — Булуң айылдарында, Чүй районунун Дөң — Арык, Чапаев, Ак — Бешим айылда — рында жана Ысык — Ата районунун Аксай айылында жашайт. Мындан тышкары, Кыпчактар Фергана өрөөнүндөгү Өзбөк калкынын арасында көп сандап кездешет. Казакстандын айрым райондорунда жашайт.

Илгери кыпчактар жоокер келип, Орто Азияны дээрлик ээлеп, Днепирден тартып Жети — Суута чейин бийлеген мезгили болгондугу санжырада айтылат. Элин душманга каршы, ынтымакка, бирдикке чакырган акылман эстүү — баштуу адамдар болгон. Алардын катарына Атылакан, Барманкан, Тогурулкан, Кетенкан, Күнтуудукан, Күнүшбердикан жана башкалар айтылат. Атылакан катуу чыккан деп айтылат санжырада. Ал көп жерлерди ээлеп Дунайдан өтүп Балкан жарым аралына жана Орто Европага чейин жортуул жасаган. Ал жактын кыш суугуна чыдабай эли (*жокерлери*) жер үшөп ооруп, минген аттары ачтан өлүп, катуу жакырчылыкка учурашат. Атылакан өзү да дартка чалдыгып, жанында бирге жүргөн акылман төлгөчү каратөлөктүн колун кармап туруп: "мен атым чыксын деп кылган иш эле, арманым жок атым чыкты, бир гана арманым, жасагым элге аман барса болот эле. Элге айта бар: Баатыры миң, бийи бир болсо эл болот, баатыры бир, бийи миң болсо, эл болбойт, ушуну кармашсын" — деп көзү жумулуп коштошкон экен. Мына кыпчактан мына ушундай акылмандар чыккан.

Кыпчактардын Эртөштүк, Курманбек, Жаныш, Байыш, Шырдакбек, Алпамыш, сыяктуу эр көкүрөк баатырлары көп болгон. Булар жөнүндө эл ичинде нечен — нечен дастандар айтылып, муундан — муунга уланып келе жатат.

Кыпчак деген аттын балага коюлушу жөнүндө эл арасында айтылган сөзгө токтолуп кетүүгө болот. Ал мындай: Угузкандын доорунда бир аял токойго барып төрөп коет. Ал баланы Угузкан алып, атын Кыпчак коет да, багып чоңойткон имиш. Бала Угузкандын жигиттеринин бирөөнүкү болуу керек деген сөз санжырада айтылат.

Ошентип кыпчактар негизинен: — Торуйыгыр, Таймат, Кожомшүкүр, Омонок, Жаманак, Кармыш, Алтеке, Тазкыпчак, Сарткыпчак, Кытайкыпчак, Кабалы, Бөөкыпчак, Көккыпчак, Аккыпчак, Каракыпчак жана Сарыкыпчак деген уруктардан тарашат. Булардан тарагандар Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда чачкынды болуп жашайт. Мен баардыгына токтолуп олтурбай кыпчактын КОЖОШҮКҮ — РҮНӨН тарагандарга бир аз токтолойун. Кожошүкүрдөн жалгыз Кожогелди деген бала болуптур. Ал эми Кожогелдиден үч уул: Кошалы (*Кодалы*), Суер, Акбосо дегендер. Кошалыдан Койбагар, Жылкы айдар. Суерден, Атамбек, Токто, Акбосодон Ормотой, Шааке деген уулдары болгон. Булардан тараган тукумдар өтө көп, алар төмөн жакта сүрөө (*схема*) түрүндө жазылды, ошону карсаңыздар болот.

КЫДЫРША деген уруу дагы ичкиликке кирет. Булар өтө майда уруу. Бул урууну тактоо абдан кыйын болду, анткени жакшы билген аксакалдардын көбүнүн көзү өтүп кетти. Өздөрүнүн айрым аксакалдарынын айтуусуна караганда кыдыршанын түбү көсөө деген уруудан имиш. Ош жактан ооп келген деген имиш айтылат санжырада.

**ДӨӨЛӨС** (*Төөлөс*) **уруусунун таржымалы.**

Дөөлөстөр (*төлөк деп да айтылат*) ичкилик урууларынын ичинен айрыкча көңүл бурууга арзый турган эл. Анткени Дөөлөстөр Орхон — Энисей сууларынын боюнда байыркы мезгилде жашаган түрк урууларынын бири болгон деп айтылат санжырада. Демек ичкилик уруулары анын ичинде Дөөлөс уруусу, байыркы уруу катары көп кылымды башынан өткөрүп, көп согушту башынан кечирип, көп жерге чачырап кеткен.

Дөөлөстүн жаралышы жөнүндө эл ичинде айтылып жүргөн санжырада көп варианттар айтылат. Ошонун экөөнө көз салалы. Биринчиси, Долонбийдин бир аялы казак болгон имиш. Аты Наркүмүш. Суусамырды жайлашып алгоо — далгоо заманда Наркүмүш эне Талас аркылуу Олуя — Атага кетип калат, ошондон Дөөлөс жана Найман деген эки бала төрөлөт. Кийин буларды алып келүү үчүн кыргыздар барса, Дөөлөс менен Наймандын жарымы келип, жарымы ошол

казактарда калат. Мына ушундан улам Дөөлөс менен Найман уруулары, кыргызда да, казакта да бар болуп айтылып жүрүшү шундан. Экинчиси – Ойрот деген эл кыргыздын орто канатынан чыгат. Мына ушул Ойроттон Дөөлөс уруусу таралат деп айтылат, дагы бирөөлөр Дөөлөс Кыпчак Мусулманкул дегенден чыгат дешет. Бул варианттар эл ичинде айтылган санжырада.

Санжырада Дөөлөстүн Толуман деген жалгыз уулунун ысымы айтылат. Толумандын тогуз уулу болуптур. Алардын жетөөнүн ысымы айтылат, экөөнүкү белгисиз. Жети уулу: – Барат, Акэчки, Акжол (*Карасакал*), Керейт, Кызылкурт, Кызылаяк, Чулумкашка дегендер. Акжолдон, Карагул, Жамангул, Жашбала, Сарт (*сарт аке*). Сарт аке акылман киши болгон. Чулумкашка Толумандын эң кенжеси экен. Мындан таралган (*Чулумкашкадан*) Дөөлөстөргө төмөн жакта кенен сөз берилет. Дөөлөстүн Толуман уулунун бул жогоруда айтылган балдарынан тараган уруктар көп, алар кыргызстандын бир топ райондорунда, айылдарында жашайт.

Чыңгыз кандын катуу тополонунда Дөөлөс атанын бир уулдары кыргыздын түштүгүнө келип токтоп калат. Мына ушул Дөөлөстөн кыргыздын көп жерине тарап кеткен. Дөөлөс уруусу Ноокат районунда айрыкча Салиева атындагы колхоздо үч миң түтүнгө жакын бар. Өзгөн районунун Кашка деген жеринде, Сузактын Барпы айылы бүт Дөөлөстөр десек болот. Фрунзе районунда Дөөлөстүн Айтамга, Дүкөн деген уруктан тарагандары жашайт. Буларды – Буйга Дөөлөстөр деп коет. Анткени илгери бул жактагы Дөөлөстөр жайлоого көчүп баратканда катуу бороон болуп, эл буюгуп, көчтүн жарымы адашып калып калат. Алар Айтамга менен Дүкөндүн тукумдары болгон. Ошондуктан булар "Буйга" Дөөлөстөр деп айтылып калган. (*Бороондо буюгуп, адашып калышкан*) ошол бойдон Фрунзе районунун аймагында жашап калышкан. Кыргызстандын борбордук компартия сынын биринчи секретары болуп иштеген Масалынын уулу Апсамат Айтамга Дөөлөстөн. Ош обласы жактагы Дөөлөстөр Толумандын балдары деп аталышат.

Ноокат районундагы Салиева атындагы колхоздо Дөөлөстүн Айтамга Меркит, Муркут, Керейне жана Шорон деген уруктарынан тарагандар жашайт. Айтамгадан – Толуман, Долон, Дүкөн, Кенже дегендердин тукумдары тарайт. Толумандан – Абдракман, андан Мырзалы дегендердин тукумдары тарайт. Додондон – Дүйшө, Миза дегендердин, Дүкөндөн – Колдош, Карыбек дегендердин.

Кенжеден — Бакир, Аким дегендердин, Меркиттен — Кашкары, Дүрбөөл, Аксылыктардын тукумдары, Муркуттан — Гайыпалы, Өтө, Токтосун тукумдары, Керейнеден — Нурмат, Жумак, Нурдин, Бакир ж.б. лардын тукумдары, Шорондон — Насир, Кара, Кадыр жана башкалардын тукумдары тарайт.

Дөөлөстөр Өзбекстандын Анжыян областынын Когон — Төбө районунда көп, Фергана областынын Куба району, Каракум кыштагында, Ташлак району Найман — бостон советинде, Кубасай шаарында, Айрытам кыштагында Дөөлөстүн Шоро уруулары жашайт, жана башка райондорунда да бар. Таластын Ленинполь районунда, Ат — Башыда, Кант, Кемин, Ысык — Ата, Ысык — Көлдүн Жети — Өгүз райондорунда да бар. Ысык — Көлдүн айланасындагы Дөөлөстөр негизинен Толумандын Кенже уулу — Чулумкашкадан тарагандар. Чулумкашка илгери түштүктөгү Анжиян жактан качып келип Ысык — Көлгө эл болуп калган. Мунун тукуму Жети — Өгүз районунун Ак — Өстөн, Ак — Дөбө, Боз — Бишкек, Чоң — Кызыл Суу жана Жалгыз — Өрүк айылдарында жашайт. Ысык — Көлдөгү Дөөлөстөрдүн Эшмамбет жана Сартаке деген акылмак мыктылары болуптур. Көлдөгү азыркы Каракол шаары турган жердин географиялык аты Көк — Суу экен. Эшимамбет Көл жээгиндеги Дөөлөстөрдү чогултуп баш коштуруп, Көк — Суута кыштак курган экен. Кийин — кийин ал жердеги Дөөлөстөрдүн көпчүлүгү, дыйканчылыкка байланыштуу, Жети — Өгүздүн аймагына которулуп келишкен.

Дөөлөстөр жөнүндө эл оозунда айтылып жүргөн: "Дөөлөс төрүн бербейт, өлсө көрүн бербейт, кызга тору ат мингизбейт, күйөөгө баш бербейт" деген макал сөз бар. Анын маанисин айрым санжырачылар мындай чечмелешет. Саяктардан Садыр аке, Алдаярдын (*бугу*) Мытый аке, Кыдыр аке, Мундуздан Жайылкандар болушуп чоң жыйын болуп калганда Дөөлөстөн калыс адам дешип Сарт акени чакырышчу экен. Ал киши үйгө кирээри менен эле эки жакты карабай түз эле төргө барып олтурчу экен. Ошондо Садыр аке: "Бул жаргак тончон Дөөлөс эки жакты карабай түз эле төргө өтөт, ылайым төрүн, өлсө көрүн бербейт го" — деген экен. Жогорку макал сөз мына ушундан улам айтылып калган деп жүрүшөт.

Жогоруда Толумандын кичүү уулу Чулумкашка Ош жактан качып келип, Ысык — Көлгө эл болуп калганы аталган. Азыркы сөздү Чулумкашка эмне үчүн качып келгендигинин

себеби жөнүндө чубайлы. Чулумкашканын атасы Толуман өз учурунда Кокон Хандыгынын ордосу менен өз ара карым-катнашы, алакасы бар, өз уруусуна барктуу бай адам болуптур. Толумандын бир тору кашка айгыры болгон. Ал кууса жеткен, качса кутулган, келбети сындуу, жылкынын камбар атасы эле. Анын үйүрү өркүндөп өскөн касиеттүү жылкы болгон. Тору кашка айгырды Толумандын досу да, душманы да жакшы билишчү. Толуман, Кокон хандыгы менен мамилеси жакшы болгондон кийин, күндөрдүн биринде тогуздап мал айдашып, алтын-күмүш, зер, күлүк ат, сулуу кыз, алгыр куш алып хан ордосуна барып калат. Кудаяр хан Толуманды тогуз уулу менен тосуп алып сыйлап калат. Ошондо хандын "узун кулактарынын" бири: "Урматтуу ханым Толуман сиздин көңүлүңүзгө тете тартуу алып келген экен, анысында кеп жок. Кептин баары анын тору кашка айгырын алып келбегендигинде. Бул анын сизге көзүнүн түз эмес экендигинин белгиси. Анткени тору кашка айгыр жылканын Камбар-Атасы. Эгерде ал айгыр сиздин колуңузга тийсе жылкыларыңыз өзүнөн-өзү эле дүркүрөп өсмөк" — деп ушактап, шыбырап кетет. Кудаяр хан аны угаары менен Толумандан тору кашка айгырын алып келип берүүсүн талап кылат.

Толуман бул буйрукту алгандан кийин, ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп, кичүү баласы Чулумкашкадан айгырды алдыртып берет да, өзү үйүнө кетет. Айгыр хандын жылкысынын үйүрүнө аралашкандан кийин хан жылкысынын тукуму дүркүрөп өсө баштайт, Толумандын жылкылары ар түрдүү дарттарга чалдыгат, ылаңдан кырыла баштайт. Аны уккан хандын табаасы канып, ичинен кымыңдайт. Айласы куруган Толуман баласы Чулумкашканы чакырып алып: "Эптеп бир айласын таап, баягы өзүн алып барган тору кашка айгырдын туу куйругунан алып үйүргө алып барып түтөтпөсөк малдын кырылганы кырылган. Антпесек "итке минген" кедей болоорубузга аз калдык деп ак батасын берип, уулун аттантып жиберет.

Айтканындай эле алып келген жал куйрукту үйүргө алып барып түтөтүп аластагандан кийин өлүм-житим токтолуп, Толумандын жылкысы мурункусунан түтөп көбөйөт. Бул кабар Кудаяр ханга да жетет. Бул иш Чулумкашканын гана колунан келгенин "ушакчылар" билип, аны тындым кылып ташташын ханга сунуш кылган. Бул окуя бат эле Толуманга да угулат, ошондо Толуман уулу Чулумкашканы чакырып: "Айланайын, көкүрөк күчүгүм! Иш чатагына айланды, алтын

башында ала качып, бул чөлкөмдөн кетпесең болбой калды. Ысык-Көл ырыскылуу жер деп угам, ошол жакка жер ооп кет" – деген экен. Ата кеңешин акыл көрүп Чулумкашка Анжыяндан Ысык-Көлгө качып келген. Чулумкашканын Көл жакка кетип калышынын себеби мына ушундай болгон.

**Чулумкашкадан тарагандар:**

Чулумкашка үйлөнүп жайлангандан кийин төрт уулдуу болгон. Алар: Абышка, Кармыш, Булбул, Зумбул. Абышкадан – Итбок (итбак), Тагай, Казанбай, Чыгырык.

## КЫПЧАК УРУУСУНУН ТАРАЛЫШЫ

Кызыл уул


↓

Кыпчак

↓

Торуайгыр
Кожомшукур
Жартыбай
Кармыш
Жаманак
Омонок
Алтеке
Таймат
Кабалы
Кытай кыпчак
Көккыпчак
Аккыпчак
Каракыпчак
Сарыкыпчак
Сарткыпчак
Бөөкыпчак
Тазкыпчак

## ЧҮЙ РАЙОН ДОҢ–АРЫК АЙЫЛЫ
## КЫПЧАКТЫН КОЖОМШҮКҮР УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



## КЫПЧАК. КОЖОГЕЛДИНИН КОШАЛЫ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

